**Кыргыз тили**

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 10–11 класстары үчүн окуу**

# П Р О Г Р А М М А С Ы

Бишкек
2020

**Рысбаев С.К. ж.б.**

Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 10–11 класстары үчүн окуу программасы/С.К. Рысбаев, А.А. Оморова, Р.Ү. Ибраимова– Б.: Аркус, 2019. – 52 с.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин X–XI класстары үчүн кыргыз тили боюнча окуу программасын Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтуна караштуу Инновациялык технологиялар борбору Кыргыз билим берүү академиясы менен биргеликте иштеп чыкты.

Бул программа Кыргыз билим берүү академиясы иштеп чыккан «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясынын» негизинде жана КРнын «Билим берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамдарынын беренелерин эске алуу менен түзүлдү.

Бул документ предметтик стандарттын талаптары боюнча кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга коммуникативдик мамилеге өтүүнү сунуштагандыктан, орус, өзбек, тажик тилдеринде окутулган мектептердин практик мугалимдерине, предметтик стандарт боюнча окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүчүлөргө арналат.

Кыргыз тилин үйрөтүүнү өркүндөтүү концепциясында «кыргыз тилин окутуунун негизги максаты – күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазуу көндүмдөрүнө ээ кылуу» деп айтылат. Программада кыргыз тилин окутуудагы коммуникативдик мамиленин принциптери, максат, милдеттери так айырмаланып көрсөтүлөт.

© «Издательство «Аркус» ЖЧК, 2020

# МАЗМУНУ


1 ЖАЛПЫ ЖОБО 4

Түшүнүк кат 4

1.1 Предметтин Базистик окуу пландагы орду 4

1.2 Кыргыз тилин экинчи тили катары окутуунун максаты жана милдеттери 4

1.3 Кыргыз тили предмети боюнча базалык билим берүүнүн компетенттүүлүктөрү 6

1.4 Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун принциптери

2 ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ 8

2.1 Кыргыз тили программасынын түзүлүш принциптери, түзүлүшү, негизги мазмуну 8

2.2 10-класстын программасы 9

2.3 11-класстын программасы 27

2.4 Календардык-тематикалык пландаштыруу 44

3 ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО 48

3.1 Билим берүү процессин уюштуруу формалары 48

3.2 Кептик интенцияларды камтыган тапшырмаларды колдонуу 48

3.3 Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн баалоонун критерийлери 49

4 МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШТАЛУУЧУ ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК АДАБИЯТТАР 51

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

## ТҮШҮНҮК КАТ

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынаылайык (1-берене) кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат.

Ошондой эле «Мамлекет ар бир жарандын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен тарта негизги жалпы билим берүү мекемелерине чейин мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдердин бирин үйрөнүшү үчүн шарттарды түзөт» (6-берене).

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 10–11-класстары үчүн окуу программасы (мындан ары – программа) төмөнкү расмий документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы (2019);
- Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (2015);
- Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринде кыргыз тили предметтик стандарты (2018);
- Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча 2013–2017-жылдаргаулуттук стратегиясы;
- 2013–2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча Өкмөттүн программасы

## 1.1. ПРЕДМЕТТИН БАЗИСТИК ОКУУ ПЛАНДА АЛГАН ОРДУ

Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринин 10–11-класстарында кыргыз тили предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| № | Классы | Жума бою | Жыл бою |
|---|---|---|---|
| 1 | 10-класс | 3 саат | 102 саат |
| 2 | 11-класс | 4 саат | 136 саат |

## 1.2. X–XI КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин X–XI класстарында кыргыз тилин окутуунун негизги **максаты** – мурунку класстарда ээ болгон тилдик жана кептик көндүмдөрүн бышыктоо жана турмуштук кырдаалдарда туура колдонуусун жакшыртуу. Жогорку класстарда да кенже жана ортоңку класстардагыдай эле, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн – угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү улантылат. Мектеп бүтүрүүчүлөрү табигый шарттарда кыргыз тилинде ээн-эркин баарлашуусу, сабаттуу жазуусу, кептик байланыштын конкреттүү чөйрөлөрүндө өз оюн кыйналбай билдире алуусу күтүлөт.

Окуучулар күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин баарлаша алуусуна, угуп, окуп түшүнүүсүнө жана жазуусуна жетишүү үчүн кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу курсуна төмөнкү **милдеттер** коюлат:

- окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алуусуна жетишүү;
- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ кылуу;
- сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу аркылуу окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тилинин каражаттары аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;
- кыргыз тилинде массалык маалымат булактарын түшүнүүсүнө жетишүү;
- болуп өткөн же боло турган окуя тууралуу монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуусуна жетишүү;
- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышына жана өз алдынча текст түзө алуусуна жетишүү;
- иш кагаздарын кыргызча түзө алуусуна жетишүү.
- тесттик тапшырмаларды аткара алууга көнүктүрүү;
- тесттик тапшырманы кантип аткаруу үчүн берилген нускамаларды түшүнүп иштөөгө окуучуларды машыктыруу;
- өз алдынча иштөөнү, практикалык машыгууларды ырааттуу жүргүзүү
- практикалык грамматикага машыктыруу
- окшоштуктар боюнча тапшырмаларды аткарууга, сүйлөмдөрдү толуктоого көнүктүрүү
- окуу сабаттуулугун өнүктүрүү, текстти окуп түшүнүүсүн калыптандыруу

«Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили» предметтик стандартына ылайык, Кыргызтестте каралган тилдик деңгээлдердин мүнөздөмөсүнө, деңгээлдерге коюлган талаптарга ылайык, X–XI класстар Б1 деңгээли, ал эми тилдик чөйрө бар жерде Б2 – тилди өз алдынча колдоно билүү деңгээли боюнча окутулат.

**Тил билүү деңгээлдери жана анын сыпаттамасы**

| Тил билүү мүнөзү | Деңгээлдер | Деңгээлдердин сыпаттамасы |
|---|---|---|
| Тилди өз алдынча колдоно билүү | Б1 | Жумушта, окууда, бош убакыттарда ж.б. типтүү кездеше турган адабий тилдеги ар түрдүү темаларда берилген так кабарлардын негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү өлкөдө болгон учурда кездешүүчү көпчүлүк кырдаалдарда пикир алыша алам. Белгилүү же мени өзгөчө кызыктырган темаларга билдирүүнү байланыштуу түзө алам. Таасирлерди, окуяларды, ишенимдерди, умтулууларымды айтып бере алам, өзүмдүн келечек пландарымды жана ойлорумду негиздеп жана баяндап бере алам. |
| | Б2 | Абстрактуу жана конкреттүү темалардагы татаал тексттердин, ошондой эле атайын бир багыттагы тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Тилди алып жүрүүчүлөр менен дайыма ар тараптан өзгөчө кыйынчылыктарсыз пикир алышып туруу үчүн тез жана спонтандуу сүйлөйм. Түрдүү темаларга так, толук билдирүү жасай алам жана негизги проблемага карата өз көз карашымды билдире алам, ар түрдүү пикирлердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрсөтө алам. |

Мектеп бүтүрүүчүсү мамлекеттик тилди Б1 деңгээлинде, тилдик чөйрө бар жерде Б2 деңгээлинде билүүсү талап кылынат.

Жыйынтыктоочу аттестациянын форматынын өзгөрүүсүнө ылайык, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына жаңы мамилеге байланыштуу мугалимдер үчүн төмөндөгүдөй иштөө сунушталат:

1) Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрүнүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) багытында ишти күчөтүү
2) Кыргыз тилинде Кыргызтестте тестирлөөдөн өтүүгө окуучуларды даярдоо, ал тестирлөө окуучунун сүйлөө, угуу, окуп түшүнүү, жазуу көндүмдөрүнүн калыптануусун текшерүүгө багытталган:

- сүйлөө – маектешүү, коюлган суроолорго жооп берүү, аргументтештирилген жоопторду берүү;
- угуу – укканын түшүнүү;
- окуу – маанилүү маалыматты табуу жана окуганынын мааниси боюнча суроолорго жооп берүү;
- жазуу – иштиктүү кагаздарды жана ой жүгүртүү тексттерин жазуу, өз ой-пикирин билдире алуу, суроолорго жооп жазуу жана өз көз карашын далилдөө;
- оозеки жана жазуу кебин адабий нормаларга ылайык коздоп жазуу.

3) окутуу өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларын ЖРТнын нускамаларына окшош нускамаларды түшүнүүгө, ЖРТнын тапшырмаларына окшош тапшырмаларды аткарууга машыктыруу.

## 1.3. КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА БАЗАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮ

**Түйүндүү компетенттүүлүктөр:**

1) Маалыматтык компетенттүүлүк – өзишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык. Маалымат менен иштей билүүнү талап кылат: жетишпеген маалыматты максатка умтулуу менен издөө, айрым фрагменттерди салыштыруу, гипотезаларды бирдиктүү талдоо жана коюу ыкмаларына ээ болуу. Адамга сын көз менен ой жүгүртүлгөн маалыматтын негизинде акылга сыярлык чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.
2) Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даярдык жана аны жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү. Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын ресурстарын жана социалдык институттарды пайдаланууга мүмкүндүк берет.
3) «Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү» компетенттүүлүгү – маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык.

**Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы предметтик компетенттүүлүктөр**

**1. Кептик (коммуникативдик) компетенттүүлүктөр:**

- кыргызча сүйлөшүү этикетин өздөштүрүү, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жараша (угуп түшүнүү, сүйлөө, окуу жана жазуу) иштей алуу, тил билүүнүн тиешелүү деңгээлине жараша кыргызча баарлаша билүү, түрдүү чөйрөдө сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ болуу, жазуу жана сүйлөө стилдерине жараша иштей алуу жана баяндап, сүрөттөп жана ой жүгүртүп сүйлөп жана жаза билүү.

**2. Тилдик (лингвистикалык) компетенттүүлүктөр:**

- кыргыз тилинин фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн билүү, кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүү, кыргыз тилинин тилдик кору, сөздүк курамы жөнүндө минимумдарга, сүйлөө маданиятына ээ болуу, сөздүктөр менен иштей билүү жана иш кагаздарын кыргызча түзө алуу, ж.б.

**3. Когнитивдик, т.а. лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөр:**

- тил аркылуу улутту жана улуттук маданий баалуулуктарды, мамлекеттин географиясын, тарыхын таануу, адабий казынасын окуп-үйрөнүү, ал аркылуу элдик салт-санаа, улуттук майрамдарды үйрөнүү жана сыйлоого калыптандыруу ж.б.

**Кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн өнүктүрүүгө коюлуучу талаптар**

Окуу процессин коммуникативдик багытта жүргүзүү, бардык кеп ишмердүүлүгүн айкалыштырып комплекстүү өнүктүрүү, окутуунун ишмердүүлүк мүнөздө болушу, экинчи тилди окутууга жеке-багытталган мамиле жасоо, көрсөтмөлүүлүктүн бардык түрлөрүн пайдалануу, материалдардын максималдуу түрдө кайталанышы, тилдик материалдарды бара-бара, акырындык менен өздөштүрүү сыяктуу принциптерге негизделген сабактар өтүлүшү зарыл.

Окуучулардын маалыматты кыргыз тилинде угуп кабыл алуу көндүмүн калыптандыруу үчүн аудиотексттерди тааныш (же мурун окуп-үйрөнгөн) тилдик материалда берүү керек: даярдалган аудиотексттер кыргыз тилиндеги үлгүлүү модель катары ар кандай радиоуктуруулардан жана телеберүүлөрдөн, кинофильмдерден, интернет булактардан болушу мүмкүн.

Ушул сыяктуу эле сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн окуучулардын диалогго жандуу катышуу жана диалогду өз алдынча демилгелөөсүн жакшыртуу да программада каралган тематика, лексика, грамматикалык минимумдун алкагында жүрөт, толук жооп берүү, диспут жүргүзүү,конференцияда чыгып сүйлөө, мектеп окуучулары үчүн актуалдуу темаларды талкуулоого катышуу сыяктуу түрдүү формадагы монологдук кепте диалогду алып баруу демилгеси талап кылынат.

Окуучулардын окуп түшүнүү көндүмүн калыптандырууда окуучулар түрдүү тексттер менен иштей билүү, окуганын терең түшүнүү, түрдүү маалымат менен иштөө, ар кандай татаалдыктагы тексттерди бат окуп түшүнүү, маалыматты угуп кабыл алуу, маалыматтар көп болгон учурда керектүүсүн айырмалап таба билүү көндүмдөрүнө ээ болуусу талап кылынат. Бул үчүн мугалим көркөм тексттерди эле эмес, маалыматтык мүнөздөгү коомдук-саясий, илимий-популярдуу тексттерди да колдонуусу керек: гезит-журналдардан алынган жаңылыктарды, макалаларды, интернет булактардан алынган тексттерди, графиктерди, нускамаларды, кулактандыруу же жарнактарды пайдалана билүү сунушталат. Бул жумуштар керектүү учурларда кыргызча-орусча сөздүктү колдонуп иштөө көндүмү менен коштолот.

10–11-класстардын окуучуларынын кыргыз тилинде сабаттуу жазуусу да жогорку деңгээлге чыгышы керек.Алардын окуган китеби, көргөн фильми же телекөрсөтүүсү, уккан концерти жөнүндө кыска пикир жазуу, иштиктүү кагаздарды жазуу жана толтуруу, окуу материалынын кыскача конспектин түзүү же тезистерди даярдоо ж.б. ушу сыяктуу жазуу кебинин кызыктуу формаларын колдонуу ийгиликке алып келет, себеби балдардын реалдуу жашоодогу жазуу түрүндөгү баарлашуусу эске алынат.

Кыргыз тили боюнча жогорку класстар үчүн жазылган окуу китептерде орус, өзбек, тажик тилдеринде окуган окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн күнүмдүк жашоосунда кездешкен кептик стилдердеги үлгү тексттер болуш керек. Жогорку класстарда иштиктүү жазуу кебинин көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча иштер активдештирилет. Балдар ар кандай мамлекеттик уюмдар менен иштиктүү өз ара аракеттешүү максатында арыз, тил кат, түшүнүк кат, ишеним кат, өмүр баян, кыскача маалымкат, мүнөздөмө, протокол, таржымал ж.б. жазганды жакшы билиш керек. Мектепти аяктаган соң бүтүрүүчүлөр мамлекеттик тилде илимий стилдеги үлгү тексттерди да жаза билиши талап кылынат: чакан доклад, билдирүү, чыгып сүйлөөчү сөз; окуган китебине пикир же рецензия; түрдүү пландар (жөнөкөй, татаал, кыска, толук); баалоонун элементтерин камтыган чакан изложение, түрдүү эсселер, дилбаяндар (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү), ошондой эле илимий мүнөздөгү дилбаяндар. Орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди сактап жазуу сөзсүз талап кылынат.

Экинчи тилди окутууга коммуникативдик багыттагы мамиле кылуунун принциптери керек.

Ал принциптер төмөндөгүчө мүнөздөлөт.

Кепке багытталуу принциби, жекелик принциби, функционалдуулук принциби, кырдаалдык принцип, жаңылык принциби:

***Кепке багытталуу принциби*** коммуникативдик баалуу кептик материалды колдонууну түшүндүрөт. Сабакта учурдагы коммуникативдик кырдаал менен тыгыз байланышкан ар түрдүү сүйлөмдөр жана фразалар колдонулат, бул үчүн сабак учурунда белгилүү бир лексикалык материал берилет.

***Жекечелик принциби*** окуучунун өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек. Адам курчап турган чөйрөгө карата өз мамилесин кеби аркылуу билдирет. Курчап турган чөйрөгө карата мамиле ар дайым жекече болгондуктан, кептин өзү да индивидуалдуу болот. Кептик тапшырма адамдын кызыкчылыктарына жана керектөөлөрүнө дал келгенде гана жекече реакция болушу мүмкүн. Коммуникативдик метод үчүн жекелик (жекелештирүү) кызыгууну жана активдүүлүктү жаратуу үчүн башкы каражат болуп саналат.

***Функционалдуулук принцибинин*** маңызы ар кандай кеп бирдиги баарлашуу процессинде кандайдыр бир кептик кызмат аткара тургандыгында болуп саналат. Көп учурда окуучулар окутуу курсунан кийин сөздөрдү жана грамматикалык формаларды билип туруп, бирок алардын баарын сүйлөөдө колдоно алышпай калышат, анткени билгенин ошол кырдаалга алып өтө алышпайт, мисалы, сөздү же форманы өздөрү аткарган кептик функциядан ажыратып алдын-ала толтурууда алар кептик тапшырма менен ассоциацияланбайт.

Функционалдуулук баарлашуу процессине ылайыктуу материалды тандоону жана уюштурууну аныктайт. Сүйлөшүү темаларынын жана грамматикалык кубулуштардын айланасында эмес, кырдаалдардын, кептик тапшырмалардын айланасында материалды уюштурганда жана кептик каражаттарды эске алганда гана коммуникациянын керектөөлөрүнө жакындоо болот. Буга ылайык сүйлөөнүн фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жактарынын биримдигин камсыз кылуу зарыл.

***Кырдаалдык принцип*** коммуникативдүүлүк кырдаалдык окутууну талап кылат деген фактта негизделет. Кырдаалдык окутуу кептик стимуляциянын ыкмасы катары да, кептик көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн милдеттүү шарты катары да зарыл. Кырдаал ком-

муникативдик реалдуулукту жаратууга жана муну менен сүйлөөнүн нукуралыгын пайда кылууга жана кызыгууну колдоого жөндөмдүү.

***Жаңылык принциби*** сүйлөшүүнүн темасын, жагдайын жана милдеттерин алмаштыруу аркылуу мүнөздөлүүчү процесс менен байланышкан. Жаңылык кептик көндүмдөрдүн ийкемдүүлүгүн камсыз кылат, ансыз кептик бир көндүмдү экинчи кептик көндүмгө алып өтүү ишке ашпайт, ошондой эле кеп билгичтиктерин өнүктүрүү, айрыкча анын динамикалуулугун (методикалык даярдыксыз кепти), кайра кайтарып берүүчүлүгүн (жемиштүүлүк сапатын), бириктирүү механизмин, сүйлөөгө демилгелүүлүктү, кептин темпин, өзгөчө сүйлөөчүнүн стратегиясын жана тактикасын өнүктүрүү мүмкүн эмес. Бул үчүн кептик кырдаалдарды такай өзгөртүп туруу зарыл.

Коммуникативдик методдун принциптерин таблицада төмөндөгүчө чагылдырууга болот:

**Окутуунун коммуникативдик методунун принциптеринин мазмундук жагы**

| № | Принцип | Мазмун |
|---|---|---|
| 1 | Кепке багытталуу принциби | Фразалар жана сүйлөмдөр + учурдагы коммуникативдик кырдаал |
| 2 | Жекелик (жекелештирүү) принциби | Кептик тапшырма окуучунун кызыгууларына жана керектөөлөрүнө дал келет |
| **№** | **Принцип** | **Мазмун** |
| 3 | Функционалдуулук принциби | Кептик бирдик кептик функцияны аткарат |
| 4 | Кырдаалдык принцип | Кептин баарлашуучулардын өз ара мамилелерине дал келүүчүлүгү |
| 5 | Жаңылык принциби | Кептик кырдаалдардын түрүн өзгөртүү |

Таблицадан улам **окутуунун коммуникативдик методу** кеп бирдиктери окуучулардын кызыгууларына жана алардын өз ара мамилелерине дал келе турган, такай жаңыланып туруучу коммуникативдик кырдаалдар болгон учурда гана кызмат кыла турган инструмент болуп саналуучу принциптерге негиздерин көрүүгө болот. Башкача айтканда, баарлашуу учурундагы окуучунун өзү борбордук түшүнүк болуп саналат. Бул учурда лексикалык байлыгы эле толуктабастан, кеп бирдиктерин баарлашууда колдонууга үйрөтүү да ишке ашат, бул болсо экинчи тилди окутуу сабагын башка предметтерден айырмалап турат.

# 2. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

## 2.1 КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРОГРАММАСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ, НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Программадагы пландаштырылган кептик темаларкоммуникациянын түзүлүшүндө жана жогорку класстын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүндө өтө эле жыштыкта кездешүүчү кырдаалдарды камтыйт.

Баарлашуунун кырдаалдары менен темаларынын эң жакынкы **биринчи** алкагы сүйлөп жаткан адам үчүн актуалдуу алкак.

Алар:

- Үй-бүлө.Ата-энелер жана бир туугандар
- Адам жана анын жеке турмушу. Мүнөздүн өзгөчөлүктөрү
- Иш. Кесип. Иш күнү
- Эс алуу.Саякаттоо
- Бош убакыт.Кызыгуулар

Темалардын **экинчи** алкагы социалдык-маданий мүнөзгө ээ:

- Адам жана коом
- Адам жана экономика. Соода-сатык
- Адам жана илим. Ден соолук. Кыргызстандагы белгилүү илимпоздор
- Адам жана искусство. Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери

Темалардын **үчүнчү** алкагы жалпы гуманисттик проблематика менен байланышкан:

- Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы
- Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология
- Адам баласынын руханий өнүгүүсү. Улуттук баалуулуктар. Билим берүү
- Санариптештирүү.

Көрсөтүлгөн тематикага ылайык окуучулар үчүн табигый кырдаалдарга жакын кырдаалдарды жаратуу керек, баарлашуунун шарттарына жараша кеп өстүрүү керек.

## 2.2 10-КЛАССТЫН ПРОГРАММАСЫ

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| **1. Үй-бүлө. Ата-эне, бир туугандар. Өмүр баян.** | 1) **Коммуникацияга чыгуу:** таанышуу, өзүн тааныштыруу, башка бирөөнү тааныштыруу.<br>2) **Маалымат суроо жана билдирүү:** предметтердин кимге таандык экени жөнүндө суроо берүү же билдирүү.<br>3) **Зарылчылыкты билдирүү:** керектөөнү, өтүнүчтү, кеңешти билдирүү кыймыл-аракеттин аткарылышы, анын болушунун мүмкүндүгү, зарылчылыгы, ишке ашуусунун мүмкүн эместиги тууралуу сурай же билдире алуу. | **Угуу:**<br>Төмөндөгү темаларга монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат: «Үй-бүлө», «Балалык», «Майрамдар».<br>Тексттин көлөмү 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин болушу мүмкүн. Диалогдук кепти угуп түшүнүү көндүмүн калыптандыруу үчүн текстти 1–2 жолу уктуруу керек.<br>• Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;<br>**Сүйлөө:**<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет;<br>• Сабактын темасына ылайык өз алдынча монолог курат: өзү, өз үй-бүлөсү, кесиптештери, достору, кызыгуулары ж.б. жөнүндө;<br>**Окуу**<br>• Балалык, үй-бүлөлүк мамилелер, азыркы жаштардын турмушу жана кызыгуулары жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт. | Атама сүйлөмдөр: Менин үй-бүлөм.<br>Ата-энени урматтоо.<br>Жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр.<br>Биз ата-энебиз менен бактылуубуз.<br>Бактылуумун.<br>Толук жана кемтик сүйлөмдөр.<br>Таанышып алыңыз!<br>Макул.<br>**Сөз жасоо:**<br>• Сөздүн уңгусу жана уланды, куранды мүчөлөр<br>**Зат атоочтор**<br><u>Атооч жөндөмөсү:</u><br>• *Абалдын субъекти:* Кыз уктап жатат. Ата-энем иштешет.<br>• *Белгини алып жүрүүчү жак:* Кызы сулуу. Өмүр баян кызыктуу.<br>• *Жактын жалпы идентификациясы:* Бул – Аня. Бул китеп. Бул биздин үй-бүлө.<br>• *Жактын жеке идентификациясы:* Мен. Менин атым Нурлан. Фамилиям – Асанов.<br>• *Жактын мүнөздөмөсү:* Эжем – врач. Атам – боорукер адам.<br><u>Илик жөндөмөсү:</u><br>• *Жактын сүрөттөлүшү, мүнөздөмөсү: Жигит**тин** бою узун. Топ**тун** түсү кызыл.* | • Ким эмне кыл + -ат/ким эмне кыл + -ыш керек<br>• ким + кандай<br>• кимге эмне таандык<br>• Таанышып алыңыз!<br>• Макул.<br>• Сизге ... тааныштыргым келет.<br>• Өзүмдү тааныштырайын.<br>• Сиз менен таанышканыма кубанычтамын!<br>• Таанышканыма кубанычтамын.<br>• Сизди мурда көргөн окшойм/ Сизди мурда көргөндөй болуп турам.<br>• Сиздин өңүңүз мага жылуу/ тааныш учурап жатат.<br>• Кош келиңиз/кош келипсиз/ Кош келиңиздер!<br>• Төргө өтүңүз!<br>• Койсоңчу!<br>• Кантип эле!<br>• Мен үчүн бул күтпөгөн нерсе/ күтүүсүздүк!<br>• Таң калыштуу!<br>• Мен мындай болот деп күткөн эмесмин!<br>• Менин атым...<br>• Мен өзүмдү... (ким менен? эмне менен?) ассоциациялайм, себеби.... |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, пред-меттердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | • Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>• Балалык, үй-бүлөлүк мамилелер, азыркы жаштардын турмушу жана кызыгуулары жөнүндө тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>• Үй-бүлөсү, ата-энеси, бир тууган-дары, өз өмүр баяны жөнүндө баяндоочу текст формасында жазат.<br>• «Менин балалык махабатым», «Үй-бүлө – өзүнчө чакан мамлекет» темасында окуган текстинин негизинде эссе даярдайт. Берилген тема боюнча 15–18 сүйлөмдүн чегинде жазуу жүзүндө баяндап берет. | Барыш жөндөмөсү:<br>• *Жашы жөнүндө айтылып жаткан адам: Досум жыйырма **жашка** чыкты.*<br>Табыш жөндөмөсү:<br>• *Этиштин алдындагы логикалык субъект: Мен досум**ду** жакшы көрөм.*<br>**Ат атоочтор:**<br>• *Жактама (мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер, алар)*<br>• *Сурама (ким, эмне, кандай, кимдики, канча, кайсы)*<br>• *Таандык (менин, сенин, сиздин, анын, биздин, силердин, сиздердин, алардын өз, өзүнүн)*<br>**Этиш:**<br>• *Этиштин өткөн, учур жана келер чагы*<br>• *Этиштин жак мүчөлөрү*<br>**Тактооч:**<br>• кантип, ушинтип, минтип, мында, анда, тигинде, канча, ошончо. | • Мен (бирөөнүн аты... өзүн... менен ассоциациялайт экенин билдим, себеби ал...<br>• Мен бала кезимде... деп кыялданчумун<br>• Жакынкы убакта мен ... болушун каалайт элем.<br>• Мен баарынан да... корком .<br>• Мен баарынан да... жакшы көрөм. |
| **2. Адам жана анын жеке турмушу. Мүнөздүн өзгөчөлүктөрү** | 1) Баа бере алуу, (адамга, окуяга мүнөздөмө бере алуу)<br>2) белгисиздикти билдирүү<br>3) божомолдоону билдирүү<br>4) сапаттардын бар экендигин билдирүү, сапаттарга ээ болууну билдирүү | **Угуу**<br>«Менин мекеним», «Менин портретим», «Жакшы мүнөз» ж.б. темадагы монолог жана/же диалог түрүндө айтылган маалыматты угуп, кабыл алат. | **Ат атоочтор:**<br>• *жактама (мен, сен, ал, биз, силер, алар)*<br>• *сурама (ким, эмне, кандай, канча, нече, канчанчы, неченчи)*<br>**Этиш:**<br>• *Этиштин мамилелери*<br>• *Негизги мамиле, кош мамиле* | • ким + ал кандай<br>• балким,<br>• болушу мүмкүн,<br>• чын, жалган,<br>• мүмкүн,<br>• анык,<br>• Сын атооч + терс маани (эмес) андай эмес<br>таптакыр андай эмес |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
|  | 5) маалымат сурап-билүү жана билдирүү: жүрүм-турумталаптарынаылай-ыксурообереалуу. | **Сүйлөө**<br>Окуучунун сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **диалогдук** кеп курууга **критерийлер** менен иштейт:<br>• Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;<br>• Баарлашууну расмий жагдайда жана расмий эмес жагдайда демилгелейт.<br>Мугалим **монологдук кеп** курууга **критерийлер** менен иштейт:<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана ал тууралуу өз оюн билдирет;<br>• Өз алдынча сабактын темасына монолог кура алат.<br>• Келген конокторго өзүң жөнүндө айтып бер; Досуңа үй-бүлөң жөнүндө айтып бер; ж.б.<br>**Окуу**<br>• Адам, анын жеке турмушу жөнүндөгү көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди окуйт жана түшүнөт. Алардагы негизги жана кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин идеясын аныктай алат. | **Синтаксис**<br><u>Сүйлөмдө баяндоочтун</u><br>• сын атоочтор, ат атоочтор аркылуу берилиши: *Менин китепканам бай. Сиздин кошунаңыз – Ажар.*<br>**Атама сүйлөм**<br>Мекен.<br>Мүнөз.<br>Абдан сонун.<br>Конок.<br>**Жактуу сүйлөм**<br>Отуз өлчөп бир кес.<br>Иштесең тиштейсиң.<br>Мүнөзүңдү оңдо.<br>**Жаксыз сүйлөмдөр**<br>Ага үйрөтүп коюу керек.<br>Мүнөзүн айтуу керек.<br>**Толук жана кемтик сүйлөмдөр**<br>– Досуңдун мүнөзү сага жагабы?<br>– Жагат.<br>– Асан, сен окуган курстун электрондук дарегин жөнөтүп койчу.<br>– Жарайт. | • ал кандай адам<br>• ал эмне экен?<br>• аны эмнелер далилдейт<br>• бул жөнүндө кандай далилдер бар<br>• бул кимге мүнөздүү<br>• кимдер эмнелери менен айырмаланышат<br>• эмнеси менен өзгөчөлөнүп турат<br>• Адамдын мүнөздөрү: М: Искендер – ..., анткени...<br>**Флегматик** – жоош, оор басырыктуу, токтоо адам.<br>**Холерик** – кызуу кандуу, эр жүрөк, шаңдуу адам.<br>**Сангвиник** – жандуу, кыймылдуу адам.<br>**Меланхолик** – сезимтал, көңүлү бат ооруган адам.<br>• Башка адам тууралуу өз оюн билдирүү:<br>Мен ... деп ойлойм.<br>Биринчиден, ... .<br>Экинчиден, ... .<br>Үчүнчүдөн, ... .<br>Демек, ... . |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жазуу**<br>• Досу, таанышы, бир тууганы жөнүндө сүрөттөө формасындагы тексттерди жаза алат. Берилген тема боюнча 15–18 сүйлөмдүн чегинде жазуу жүзүндө баяндап берет. | | |
| **3. Кесип. Иш. Иш күнү** | 1) Коммуникацияга кирүү: көңүл бурдуруу, кайрадан сурап билүү, эскертүү, маекти аяктай алуу.<br>2) Артыкчылыгын билдире алуу.<br>Милдетти, зарылчылыкты, билдире алуу.<br>Кандайдыр бир сапаттарга ээ экендигин билдире алуу.<br>Түшүндүрө алуу.<br>Маалыматты билдире алуу<br>Жокко чыгара алуу.<br>Далилдей алуу | **Угуу/Сүйлөө**<br>«Кесип тандоо», «Иштебеген – тиштебейт» темасында укканын түшүнөт, диалог түзөт, баарлашууну демилгелейт.<br>«Бала кездеги кыялдар», «Иштебеген – тиштебейт» **монологдор** дукура алат.<br>**Окуу**<br>Илимий-популярдуу тексттерди окуп түшүнөт, оюн билдирет: «Кесип», «Эң керектүү кесиптер».<br>Көркөм тексттерден үзүндү окуп түшүнөт.<br>**Жазуу**<br>«Менин сүйүктүү кесибим» сүрөттөөчү, баяндоочу тексттерди жазат.<br>«Эмне үчүн мага бул кесип жагат?» ой жүгүртүү текстин түзөт.<br>Билдирүү тексттери: Өзү жөнүндө маалымат берет, автобиографиясын жазат, таржымал (резюме) жазат.<br>**Аудиотека**<br>Адамдын жеке турмушу, бакыт, бактылуу өмүртууралуу ырлар.<br>**Видеотека**<br>Ар түрдүү кесиптер жөнүндө слайддар. | **Атама сүйлөм.**<br>Жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр. Толук жана кемтик сүйлөмдөр.<br>Иш кагаздары: Резюме жазуу.<br>**Сөздөрдүн түзүлүш жолдору**<br>Сөздүн уңгусу жана мүчөсү.<br>Сөз жасоочу мүчөлөр: **-чы, -гер, -гыч, -ист** мүчөлөрү.<br>Жумуш, кесип боюнча адамдарды билдирген зат атоочтор: **сүрөтчү, дарыгер, учкуч, журналист, …**<br>**Морфология**<br>**Зат атооч:**<br><u>Атооч жөндөмөсү:</u><br>• адамдардын жалпылыктарын окшоштуруу (идентификациялоо).<br>• ар бир адамдын өзгөчөлүгүн аныктоо: Талант! Ал – талант!<br>• адамга мүнөздөмө берүү: Атам – дарыгер. Ал – сырдуу, энем – мээримдүү.<br>• каалоону билдирүү: Мен учкуч болгум келет.<br>**Этиш**<br>• этиштин келер чагы | Адамдын сырткы келбетинен, кийиминен кесибин аныктоо<br>Бул – … , себеби ал … .<br>Мен … деп ойлойм, анткени, … .<br>Кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр<br>**Жеке өзгөчөлүктөр**<br>• акылы<br>• жөндөмдүүлүгү<br>• кызыгуусу<br>• кулк-мүнөзү<br>• жынысы<br>**физиологиялык өзгөчөлүктөрү**<br>• жашы<br>• бою<br>• салмагы<br>• ден-соолугу ж.б.<br>1. Мен дарыгер … болгумкелет, себеби ал…<br>2. Мен дизайнер … болгумкелет, себеби ал…<br>3. Мен сатуучу … болгумкелет, себеби ал…<br>4. Мен ашпозчу … болгумкелет, себеби ал…<br>5. Мен банкир … болгумкелет, себеби ал… |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Синтаксис**<br>• Сүйлөмдө атоочтук баяндоочтун зат атооч менен берилиши: Мээрим – мугалим.<br>• Сүйлөмдө логикалык-маанилик мамилени себеп-натыйжа мамиле аркылуу билдирүүдө байламталар: Анткени, себеби, ошондуктан ж.б. | 6. Мен мамлекет кызматчысы болгумкелет, себеби ал...<br>**Чөйрөгө жараша өзгөчөлүктөр**<br>• аймактык<br>• технологиялык<br>• экономикалык<br>• маанилүү кесиптер |
| **4. Эс алуу. Саякаттоо** | 1) Коммуникацияга кире алуу: баарлашууну демилгелөө жана колдой алуу, маектин темасын (багытты) өзгөртө алуу.<br>2) Предметтин сапаты тууралуу маалыматты сурап билүү жана билдирүү.<br>3) Таң калууну, тилектештикти, боорукерликти, өкүнүчтү билдирүү.<br>4) Адамдын же предметтин бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты сурап билүү жана билдирүү<br>5) Каалоо, кеңеш, сунуш айта алуу.<br>Каалоону билдирүү;<br>Сунуш менен жарым-жартылай макулдукту билдирүү (анын ичинде шартты айта алуу);<br>Макулдукту билдирүү;<br>Шектенүүнү билдирүү; | **Угуу**<br>Саякат жана экскурсиялар жөнүндөгү монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>• Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына төмөнкү кырдаалдарда туура жооп кайтарат: «Музейде», «Экскурсияда», «Банкта», «Валюта алмаштыруучу жайда».<br>• Аталган кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт, маектин темасын өзгөртө алат.<br><u>Монолог</u><br>• Экскурсия, саякаттоо, эс алуу, үй-бүлөсү жана бир туугандары менен эс алуу жөнүндө баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет. | **Татаал сүйлөм.**<br>Тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр.<br>Архаизм. Историзм. Неологизм<br>**Морфология**<br>**Зат атооч**<br><u>Атооч жөндөмөсү:</u><br>• бир нерсеге, кубулушка, окуяга мүнөздөмө берүү: *Саякат – керемет! Саякаттоо бизге абдан жагат, **ошондуктан** дүйнөнүн кооз жерлерине баруунү ойлонуп жатабыз.*<br><u>Барыш жөндөмөсү:</u><br>• *Жаш балдарга баары абдан кызыктуу болду, ал эми жаштарга компьютердик оюндар жакты.*<br>• **менен** жандоочу аркылуу: *Туристтер экскурсияга автобус менен барышты, жетекчилер машине менен келишти.*<br>• **жөнүндө:** *Мага Кыргызстан жөнүндө китеп белек кылышты.* | Ким милдеттүү?<br>Кимдин милдеттерине эмнелер кирет?<br>Ким аткарышы керек?<br>Мен ... деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым.<br>Мен аткарышым керек эле...<br>*Чынында эле ушундайбы?*<br>Бул ырастоону карап чыгалы.<br>Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан караганда,<br>Ошондуктан бул пикир...<br>Мен ... көрүүнү каалайм, себеби ... .<br>Мен ... менен саякаттаганды жакшы көрөм, анткени ... .<br>Мен .... саякатка барууну жактырам. А сенчи?<br>Сен саякаттоону кааласаң, ... барсаң болот. Анткени ... .<br>• Саламатсызбы<br>• Кыргызстанга кош келиңиз!<br>• Менин атым ... .<br>• Мен ... . |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| | Тынчсызданууну билдирүү;<br>Ишендирүүнү билдирүү. | • Көргөн шаарлары тууралуу саякатчынын атынан слайддарга комментарийлерди берет: таң калууну, тилектештикти, боорукерликти билдирет.<br>**Окуу**<br>• Саякат жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>• Саякат жөнүндө тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Тааныш эмес сөздөр:** 5–7%га чейин.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. Жанрлары: аңгеме, макала.<br>**Жазуу**<br>• Сүрөттөөчү текст формасында кандай саякаттаганы жөнүндө жазат.<br>• Ой жүгүртүү текст формасында экскурсия кандайча өткөндүгүн жазат.<br>**Окуучулардын** жазуу тексттери **20дан кем эмес сүйлөмдөн турат.** | **Ат атоочтор**<br>• <u>аныктама ат атоочтор</u> (өзү, ар ким, ар кандай, ар нерсе, ар бир, бүт, бүткүл, бардык.<br>**Этиш**<br>• этиштин өткөн, келер чактары<br>**Синтаксис**<br>Татаал багыныңкы сүйлөмдөр.<br>Мезгил багыныңкы сүйлөм:<br>*Үй-бүлөбүз менен Египетке саякатка **барганда**, ар кандай кызыктуу окуяларга туш болдук.*<br>Карама-каршы багыныңкы сүйлөм:<br>*Жаан **жааса да**, адамдар стадиондон кетишкен жок.*<br>Шарттуу багыныңкы сүйлөм:<br>***Эгерде** ар бир саякатчы каржысын туура **пайдаланса**, каалаган жерине өз убагында жете аларына ишенем.* | • Биз азыр аэропорттон Бишкекке жөнөйбүз.<br>• Машина күтүп турат.<br>• Жүрүңүз, машина күтүп турат.<br>• Мага … жакты, анткени … .<br>• Мен дагы … жөнүндө билгим келет, себеби … .<br>Биз … кубанычтабыз. |
| **5. Бош убакыт. Кызыгуулар** | Коммуникацияга чыгуу: таанышуу, өзүн тааныштыруу, башка бирөөнү тааныштыруу. | **Угуу**<br>Төмөнкү темаларга монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат:<br>• Достор<br>• Мектеп учурундагы кызыгуулар<br>• Бош убакыт | Татаал сүйлөм.<br>Тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр. **Эгерде… -са, анда… Эгерде** эс алууну туура **уюштурса**, анда жумуш күнүнүн натыйжалуулугу артат. | Мага эмне керек/мага эмне зарыл/мага эмне кыл + -ыш керек<br>• Мен … талап кылам<br>**Канааттанганын/канааттанбаганын кантип билдирет.** |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | Коммуникацияга чыгуу: Саламдашуу, коштошуу, кимдир бирөөгө кайрылуу, кимдир бирөөгө ыраазычылык билдирүү, кечирим суроо, ыраазычылыкка жана кечирим суроого жооп берүү, куттуктоо.<br>2) Чакырууну, макулдукту, каршылыкты, убаданы, күмөн саноону, олку-солку болуп ишенбөөчүлүктү билдирүү.<br>Пикир (божомол) менен макул эместикти билдирүү: (оозеки)<br>Чексиз мүмкүнчүлүктү билдирүү: (оозеки)<br>Карама-каршылыкты билдирүү;<br>**Маалымат сурап-билүү жана билдирүү:**<br>• дам, далил, болгон окуя (кыймыл-аракет), буюм жана алардын бар же жок экендиги, буюмдардын сапаты, саны, кимге же эмнеге таандык экендиги тууралуу сурай же билдире алуу;<br>• окуя же кыймыл-аракеттин орду, убактысы, себеби, максаты тууралуу сурай же билдире алуу; | • Үйдө жана үйдөн тышкаркы эс алуу<br>• Спорт менен машыгуу.<br>Диалогдук кепте – 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>• «Көчөдө», «Жаратылышта», «Башка шаарда» кырдаалдарда аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>• Достору, жалпы кызыгуулары жөнүндө баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>Сабактын темасына ылайык өз алдынча монологдук кеп курат: өзү, достору, кызыгуулары ж.б. жөнүндө.<br>**Окуу**<br>Бош убактысы, эс алуусу, спорт менен машыгуусу, кызыгуулары жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>Бош убактысы, эс алуусу, спорт менен машыгуусу жөнүндө тексттердин темасын жана идеясын аныктайт. | **Морфология:**<br>**Зат атооч**<br><u>Илик жөндөмөсү:</u><br>• бир нерсе таандык болгон адам: *Мына бул апамдын машинеси, ал эми тиги инимдин велосипеди.*<br><u>Барыш жөндөмөсү:</u><br>• кимге баруу (карай): *Кечинде биз* ***Калыйчага*** *барабыз.*<br>• кайда баруу: *Жумасына эки ирет спорт менен машыгуу үчүн* ***ийримге*** *барам, ошондуктан сиз менен кездешүүгө убактым жетерине ишенбей турам.*<br><u>Табыш жөндөмөсү:</u><br>• кимди: ***Досумду/курбумду*** *бир айдан бери көрө элекмин.*<br><u>Жатыш жөндөмөсү:</u><br>• орун: *Биз борбордук* ***аянтта*** *көңүл ачып жүрдүк.*<br>• мезгил: *Мурунку* ***жумада*** *курбум келип кетти. Эмдиги жылы мен* ***Ысык-Көлдө*** *эс алам.*<br><u>Чыгыш жөндөмөсү:</u><br>• орун: *Көп туугандарыбыз* ***Кыргызстандан*** *Россияга кетишти.*<br>• багыт: *Аларга* ***менден*** *ысык салам айт.*<br>**Этиш**<br>• *Этиштин өткөн, учур жана келер чагы*<br>• *Этиштин жак мүчөлөрү*<br>• *Этиштин шарттуу ыңгайы* | **Үлгү:**<br>Жакшы, эң жакшы. Бул мага жагат. Ракмат, баары сонун! Баары тең жайында.<br>Түзүк, жаман эмес.<br>Жакшы эмес.<br>Бул мага жаккан жок.<br>Бул өтө начар.<br>Болбогон нерсе.<br>Мындай болбош керек. Бул жарабайт.<br>Ушул кантип болсун?<br>**Макул/каршы экендигин кантип билдирет.**<br>**Үлгү:** Мен макулмун.<br>(Албетте. Ооба. Мен да ушундай деп ойлойм.)<br>Мен каршымын. (Мен макул эмесмин. Мен андай деп ойлобойм. Койчу! Андай эмес.)<br>**Бош убакытты кантип өткөрөбүз:**<br>(эмнеге? кимге?) кызыгып артынан түшүү, берилүү, кызыгуу;<br>(эмнени?) талкуулоо/талкуу жүргүзүү;<br>(кимге? эмнеге?) чынын айтып, билдирүү, моюнга алуу;<br>(эмнеге?) убакыт өткөрүү, убакыт коротуу, бир нерсеге убакыт кеAccording ректөө;<br>(кимди? эмнени?) жактыруу, (эмнеменен?) машыгуу, алектенүү;<br>(кимди? эмнени?) эрмек кылуу/эрмектөө; |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Тааныш эмес сөздөр:** 5–7%га чейин.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. **Жанрлары:** аңгеме, макала, ыр<br>**Жазуу**<br>Жазуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:<br>Сунушталган тема боюнча (мисалы, кызыгуусу, эс алуусу, каникулу, саякаттоо жөнүндө) баяндоочу текст формасында жазат.<br>Сунушталган тема боюнча окуган текстинин негизинде жазуу формасында билдирүү тексттерди (мисалы: өзү жөнүндө маалымат берүү, өмүр баяны, таржымал ж. б.) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат, Окуучулардын **жазуу тексттери** 20дан кем эмес сүйлөмдөн турат. | **Тактооч**<br>• мезгил тактооч (эртең менен, кечинде)<br>**Синтаксис**<br>Жөнөкөй сүйлөмдөгү логикалык-маанилик мамилелерди билдирүүнүн ыкмалары<br>• максаттык мамилелер: этиш + -ыш үчүн, этиш + уу үчүн: *Спорт менен машыгыш үчүн спорт залга барам, ийримге катышуу үчүн «Сейтекке» каттайм.*<br>• себеп-натыйжа мамилелери: этиш + **гандыктан**: *Күн суук **болгондуктан**, биз жылуу кийиндик.*<br>Татаал багыныңкы сүйлөм<br>• шарттуу багыныңкы: ***Эгерде** досум менен шейшембиде киного барсак, **анда** (кайсы шартта?) кызыктуу фильм көрөбүз.*<br>• сыпат багыныңкы: *Бокс менен алектен**ип**, (эмне кылып?) иним бош убактысын пайдалуу өткөрөт.*<br>• себеп багыныңкы: *Досумдун туулган күнү **болгондуктан**, мен ага белек бердим.*<br>Түз жана кыйыр сөз:<br>Фейсбукта: *«Шаарда фитнеске кызыккандардын саны көбөйдү», – деп жазылып жүрөт. Шаарда фитнеске кызыккандардын саны **көбөйгөнүн** жазды.* | (ким менен?) сырдашуу, баарлашуу, сүйлөшүү, ойноо;<br>(эмнеден?) ырахат алуу. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| **6. Адам жана коом.** Адам укуктары. Социалдык көйгөйлөр | **Маалымат берүү:**<br>• окуялар жана фактылар тууралуу сурамжылоо;<br>• шарттары,<br>• максаттары,<br>• себептери,<br>• натыйжалары,<br>• мүмкүнчүлүктөрү,<br>• ыктымалдыгы,<br>• зарылчылыгы тууралуу айта же сурай билүү;<br>**Моралдык-адептик баа берүү жана себебин аныктоо:**<br>• колдоо;<br>• мактоо;<br>• күнөөлөө; | **Угуу**<br>Адам жана коом. Мектеп бүтүрүүчүсүнүн коомдогу орду. Социалдык теңдик, эркиндик. Коомго пайда келтирүү. Керектүү кесиптер.<br>Диалогдук кепте угууда – 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар. **Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>• «Коомдук жайда», «Мектепте», «Жумушта», «Башка шаарда» кырдаалдарда аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>• Коомго пайда келтирүү, коомдун талаптары, адамдын коомдогу ролу жөнүндө баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>**Окуу**<br>• Коомго пайда келтирүү, коомдун талаптары, адамдын коомдогу ролу жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>• Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>• Тексттердин темасын жана идеясын аныктайт. | **Синтаксис**<br>Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү:<br>**Мезгил** багыныңкы сүйлөм: **качан**? Жаштар мамлекет үчүн кам көрөт, **ошондо** Кыргызстанда алдыңкы коом курулат.<br>**Себеп:** Кайсы бир катаал шарттарда айрым адамдардын жүрөгү катаалданып калат, ***ошондуктан*** жакындарына жакшылык кылбай калат окшойт да.<br>**Себеп:** Жумуш издеп, башка шаарларга, чет өлкөлөргө кеткен ата-энелер өз балдарын тарбиялашпайт, туугандарына балдарын калтырып кетишет, **ошондуктан** мындай балдар ата-энесинин мээримине, сүйүүсүнө, жанында болушуна муктаж болуп чоңоюшат.<br>**Орун: кайда? каерде? кайдан?**<br>Эли социалдык теңдикке умтулган өлкөдө жашайбыз, бизде улуу муундар келечек муундарды ырайымдуу, боорукер, кечиримдүү болууга тарбиялашат. Ушул ойго кошуласыңбы? Өзү кыйынчылыкты башынан өткөргөн адам башка адамга боорукер болуп, ырайымдуулук кылат, дешет. Жок, кыйналып турган адамга жардам берүү үчүн сөзсүз эле өзү да кыйынчылыкты башынан кечириш керек эмес. Гуманизм – коомдун өзөгүн кармап турган күч, ал эми адамдар табиятынан гумандуу, ырайымдуу болуп жаралган. | **Үй- бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр:**<br>• үй-бүлөнүн жашоо (экономикалык) деңгээли<br>• маданий деңгээли<br>• үй-бүлөнүн баладан күткөндөрү<br>• ата-эненин, бир туугандардын кесиптери<br>• авторитар ата-эне<br>• кайдыгер ата-эне<br>Мен … деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым.<br>Мен аткарышым керек эле.<br>Чынында эле ушундайбы?<br>Бул ырастоону карап чыгалы.<br>Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан карап чыксак, …<br>Чындыгында … бирок, башка жактан алсак …<br>Себеби…<br>Эгерде…, анда…<br>Эгерде…, анда…<br>Эгерде…, анда…<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, … ыш керек.<br>экинчиден, … ыш керек.<br>үчүнчүдөн, … ыш керек. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жазуу**<br>Жазуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:<br>Сунушталган тема боюнча (мисалы, коомго пайда келтирүү, коомдун талаптары, адамдын коомдогу ролу жөнүндө) баяндоочу текст формасында жазат, билдирүү тексттерди (мисалы: бүтүрүүчүнүн коомдогу ролу ж.б.) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат, Окуучулардын **жазуу тексттери** 18ден кем эмес сүйлөмдөн турат. | **Максат:** Биздин коомдун маселелерин жана коомдогу алдыңкы идеяларды талкуулайлы, ошол максатта биз интернеттеги форумга катыштык.<br>**Карама-каршы:** Иштеп тапкан акчасын балдарына тынбай жөнөтүп **турса да**, ата-эне балдарынын мандайында болуп, ысык-суукта чогуу жүргөнүнө, эртели-кеч маңдайынан сылап, жылуу сөзүн айтканына жетпейт, деп ойлойм.<br>**Карама-каршы:** Айрымдар өз жумуш ордунда көйгөйлөрдү коомдун кызыкчылыгына жараша **чечсе**, айрымдар өз көмөчүнө гана күл тартат.<br>**Шарттуу:** Өлкөдөгү эң керектүү кесиптердин өнүгүүсүн колдоо керек деп ойлойм, **ошондо** жумушсуздук азаят. | Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, ...-ууга болбойт.<br>экинчиден, ... -ууга болбойт.<br>үчүнчүдөн, ...-ууга болбойт.<br>Мен ... деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым<br>Мен аткарышым керек эле.<br>Чынында эле ушундайбы?<br>Бул ырастоону карап чыгалы.<br>Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан карап чыксак, ...<br>Чындыгында ... бирок, башка жактан алсак... |
| **7. Адам жана экономика. Соода-сатык.**<br>Айыл чарба иштери. Чакан ишканалар | **Маалымат берүү:**<br>• окуялар жана фактылар тууралуу сурамжылоо;<br>• шарттары,<br>• максаттары,<br>• себептери,<br>• натыйжалары,<br>• мүмкүнчүлүктөрү,<br>• ыктымалдыгы,<br>• зарылчылыгы тууралуу айта же сурай билүү;<br>**Жөнгө салуу:**<br>• маектешине кыймыл-аракетти аткарууга түрткү берүү; | **Угуу**<br>Адам жана экономика. Соода-сатык. Дүкөндө. Супермаркетте. Базарда. Күркөдө (азык-түлүк/кийим-кече/белектер) Буфетте. Ашканада<br>**Диалогдук** кепте – көлөмү 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 2% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>«Дүкөндө», «Супермаркетте», «Базарда», «Күркөдө (азык-түлүк/кийим-кече/ белектер)», «Буфетте», «Ашканада» кырдаалдарда аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт. | **Синтаксис**<br>Татаал багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү:<br>**Мезгил: ... убакта (мезгилде, учурда, кезде) зат атооч + -да**<br>Кыргызстандын экономикалык абалы жакшырды, мына ушундай ***мезгилде***, Кыргызстан алдыңкы коомго айланат.<br>**Орун:** Кайсы жерде ... этиш + -са, ошол жерде ....<br>**Кайсы өлкөдө** акылдуу саясатчы ***башкарса***, **ошол жерде** элдин жашоосу жакшырат.<br>**Себеп:** ..., себеби...; ..., анткени...<br>Супермаркетте товарлар арзандатылып жатат, **себеби** импорт күчөдү. | Себеби...<br>Эгерде..., анда...<br>Эгерде..., анда...<br>Эгерде..., анда...<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, ... ыш керек.<br>экинчиден, ... ыш керек.<br>үчүнчүдөн, ... ыш керек.<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, ...-ууга болбойт.<br>экинчиден, ...-ууга болбойт.<br>үчүнчүдөн, ...-ууга болбойт.<br>Мындай ийгиликке жетүү үчүн ... керек деп ойлойм. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | • өтүнүчүн, кеңешин берүү;<br>• сунуш кылуу;<br>• каалоосун билдирүү;<br>• каалоо-тилекке жооп кайтаруу;<br>**Эмоционалдык баа берүү:**<br>• тынчсыздануу;<br>• чочулоо; | Монолог<br>Баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>**Окуу**<br>Көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт. Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт, тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. **Жанрлары:** аңгеме, макала, ыр, тамсил<br>**Жазуу** көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:<br>Сунушталган тема боюнча билдирүү тексттерди баяндоочу текст формасында жазат. (Кыргызстандын экономикасы кандай? ж.б. темасы) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат, Окуучулардын **жазуу тексттери** 18ден кем эмес сүйлөмдөн турат. | **Карама-каршы: ..., бирок...**<br>Соодада достук жок, дейт, бирок мен сооданы өз адамдарым менен гана жүргүзөм.<br>**Шарттуу:** этиш + -са<br>Жигиттин жүрөгүндө боорукердик жок болсо, үй-бүлөсүндө ынтымак жок болот.<br>**Сан-өлчөм:**<br>канчалык ..., ошончолук...<br>**Канчалык** көп товар келип **турса**, **ошончолук** арзанчылык болот.<br>**Шарттуу:** + да<br>Кайсы бир товарга элдин талап-сурамы чоң болгон **кезде**, ошол товар рынокто көбөйөт. | Эгер сен ... аткара алсаң, сөзсүз, ийгиликке жетесиң.<br>Эмгектенген адамдын ... болот.<br>Менин ... жакшы эмес.<br>Менин ... бул өтө начар ... болбош керек, бул жарабайт.<br>... кантип болсун?<br>Мен сиздин оюңузга кошулам, анткени ... .<br>Мен сиздин оюңузга кошулбайм, анткени ... .<br>...кеңеш берем.<br>...кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>...ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>...жакшы болмок/...болот эле. |
| **8. Адам жана илим. Медицина. Ден соолук.** Кыргызстандагы белгилүү илимпоздор. Саламаттыкты сактоо ишмерлери. Дени сак сергек жашоо | **Баа берүү, мамилесин билдирүү:** ыраазылык, наараззылык, ниет-максатты, колдоо, күмөн саноо, убада берүү, кечирим суроо жана кечирим суроого жооп берүү | **Угуу**<br>«Саламаттыкты сактоо ишмерлери», «Дени сак сергек жашоо» темаларында монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат. | Атооч жөндөмөсү:<br>Предмет (адам) пассивдүү конструкцияда: *Белгилүү илимпоз жазган* ***китеп***.<br>Илик жөндөмөсү:<br>Иш-аракеттин субъекти: *Бизге белгилүү* ***окумуштуунун*** *сүйлөгөнү аябай жакты*. Иш-аракеттин же окуянын так датасы (убакыт: айы, жылы): *Биз* ***2013-жылдын*** *майында жолуктук.* | Мындай ийгиликке жетүү үчүн ... керек деп ойлойм.<br>Эгер сен ... аткара алсаң, сөзсүз, ийгиликке жетесиң.<br>Эмгектенген адамдын ... болот.<br>Менин ... жакшы эмес.<br>Менин ... бул өтө начар ... болбош керек, бул жарабайт.<br>...кантип болсун? |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | **Жөнгө салуу:** фактынын, окуянын өөрчүшүнүн оң же терс натыйжасына, аткарылышына карата көз карашын билдирүү<br>**Коммуникацияга чыгуу:** маекке катыша билүү; маекке демилгечи болуу; маектешкен адамдын социалдык ролуна жараша саламдашуу же коштошуунун түрлөрүн колдонуу;<br>**Маалыматты** толуктоо; маалыматты тактоо | **Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн сабактын темасы боюнча айтканынын мазмунун түшүнөт жана бейтапканада, дарыканада, ооруканада кырдаалдары боюнча маектешүүчүнүн айтканына туура жооп кайтарат.<br>Монолог<br>«Саламаттыкты сактоо ишмерлери», «Дени сак сергек жашоо» жөнүндө окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет.<br>Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын «Саламаттыкты сактоо ишмерлери», «Дени сак сергек жашоо» деген темаларына ылайык билдирүү даярдайт.<br>**Окуу**<br>«Саламаттыкты сактоо ишмерлери», «Дени сак сергек жашоо» жөнүндө илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт.<br>«Саламаттыкты сактоо ишмерлери», «Дени сак сергек жашоо» жөнүндө тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт. | Барыш жөндөмөсү:<br>Иш-аракеттин убактысы (дейре, чейин...): *тамакка чейин, түшкө дейре*<br>Табыш жөндөмөсү:<br>Адам (предмет) иш-аракеттин объекти катары (объекттик мамилелер): *Мен **Алымды** жолуктурдум. Ушул **белекти** ага арнап, сатып алдым.*<br>**Синтаксис**<br>Атоочтуктун сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарышы. **Кайсы** Атай? Өнөрү өргө чапкан Атай.<br>Багыныңкы татаал сүйлөм:<br>Байламтасыз багыныңкы татаал сүйлөм.<br>Салыштырма байламта аркылуу (кандай, ошондой, канчалык, ошончолук, канча, ошончо )<br>Шарттуу байламталар аркылуу (эгер, эгерде) **Эгерде** жүгүштүү оору менен **ооруп калса, анда** адам алсырайт, көңүлү айныйт, кусат, денеси ысыйт.<br>Себеп байламталар аркылуу (анткени, себеби, эмне үчүн десең, андыктан, ошол себептүү)<br>Себеп багыныңкы сүйлөм:<br>Доктурлар бүгүн эң көп керектелүүчү кесип, **себеби** оорулуу адамдар көп, аларды дарылаш керек болуп жатат. Жумуш убагында отура бербей, кыймылда**гандыктан** жана жумуштан кийин спорт менен машык**кандыктан** акыл жөндөмдүүлүгү жогору болот. | ...кеңеш берем.<br>...кылсаң жакшы болот деп ойлоймун.<br>...ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>...жакшы болмок/...болот эле.<br>Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, ... чыгар.<br>Сиз ... кылсаңыз!<br>Сен/сиз ... кылыш + ың/+ ыңыз керек.<br>Сен/сиз ... эмес, ... кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм. ... жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>Кыргыз илимпоздору менен таанышуу үчүн:<br>биринчиден ... –ыш керек,<br>экинчиден ... –ыш керек,<br>үчүнчүдөн ... –ыш керек.<br>Демек ... .<br>• Сизди мурда көргөн окшойм/ Сизди мурда көргөндөй болуп турам.<br>• Сиздин өңүңүз мага жылуу/ тааныш учурап жатат.<br>• Кош келиңиз/кош келипсиз/ Кош келиңиздер!<br>• Төргө өтүңүз!<br>• Койсоңчу!<br>• Кантип эле! |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жазуу**<br>Белгилүү бир адамдын атынан резюме жазат.<br>«Белгилүү болуу оңойбу?» темасында ой жүгүртүү тексттерин жазат. | Мезгил багыныңкы сүйлөм:<br>Жугуштуу оору менен ооруп **калганда**, адам алсырайт, көңүлү айныйт, кусат, денеси ысыйт.<br>Тике жана кыйыр сөз<br>Тике сөздү кыйыр сөзгө алмаштыруу эрежеси. | |
| **9. Адам жана искусство. Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери.**<br>Музыка. Кыргызстандагы опера жана балет. Таалайга бүткөн улуу бийчи. Обондор. | 1) Суроо берүү же далил, окуя, бирөө, предмет жөнүндө билдирүү.<br>2) Далилге, окуяга, би-рөөгө, предметке, кылык-жорукка баа берүү.<br>3) Кеңеш берүү (улан-дысы):<br>Кеңеш – эскертүү берүү<br>4) Түз жооп берүүдөн качуу:<br>5) Аңгемелешип отурган кишинин пикирин тактоо | **Угуу**<br>«Адам жана искусство», «Кино», «Театр», «Музыка», «Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери» темаларында монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн сабактын темасы боюнча айтканынын мазмунун түшүнөт жана маданиятка байланыштуу кырдаалдар боюнча маектешүүчүнүн айтканына туура жооп кайтарат.<br>Расмий жана расмий эмес жагдайларда берилген кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>Монолог<br>Маданият ишмерлери жөнүндө окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын «Маданият ишмерлери», «Мен жактырган фильм/ыр/бий/ балет/опера», «Сүйүктүү музыкант, ырчы жөнүндө», «Мен сүйгөн театр (Мага жаккан кино, музыка, адабият)» темаларына ылайык билдирүү даярдайт. | **Зат атооч:**<br>Атооч жөндөмөсү:<br>• адамды жалпы идентификациялоо.<br>• адамды жеке идентификациялоо.<br>• адамга мүнөздөмө, сүрөттөө: **Б. Бейшеналиева** – бийчи.<br>*Абалдын субъекти:* Улуу бийчи унутулган жок.<br>*Белгини алып жүрүүчү жак:* **Бүбүсара** – таланттуу. Анын бийлери, балеттеги жараткан образдары – унутулгус кызыктуу.<br>Табыш жөндөмөсү:<br>*Этиштин алдындагы логикалык субъект: Мен **Б. Бейшеналиеваны** жакшы көрөм. Мен анын чыгармачылыгын жактырам.*<br>**Синтаксис:**<br>Татаал багыныңкы сүйлөм.<br>Ч. Айтматовдун «Чоор жана жер» жаңы чыгармасын алгач академик Абдылдажан Акматалиев окуп чыккан, бул чыгарма боюнча өз пикирин билдирген. | ...кеңеш берем.<br>...кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>...ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>...жакшы болмок/...болот эле.<br>Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, ... чыгар.<br>Сиз ... кылсаңыз!<br>Сен/сиз ... кылыш + ың/+ ыңыз керек.<br>Сен/сиз ... эмес, ... кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм. ... жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>...болсо, ... болот.<br>Сиз кандай дейсиз?<br>Сиздин оюңуз кандай?<br>Сиздин көз карашыңыз кандай?<br>**Ал эми сиздики боюнча кандай?** |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Окуу**<br>«Музыка», «Опера» ж.б. илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Сүйүктүү музыкант ж.б. жөнүндө сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүү текст, эссе жазат. | Мезгил багыныңкы татаал сүйлөм.<br>Эмеле жылдызы жайнап, ажарына акылы төп келген Бүбүсара Бейшеналиева кулис артына кирип кетти, анан ал камеранын алдына **келгенде**, таптакыр башка дүйнө ачылды.<br>Себеп багыныңкы татаал сүйлөм.<br>**себеби, ошондуктан, анткени, андыктан, ошол себептүү;**<br>Бирок Ленинградга келип түшкөнүбүздө Бүбүсаранын айтылуу «Чолпон» балети боюнча фильмге тартылып жатканы анык болду, **андыктан** биз менен бирге болууга анын чолоосу тийген жок. | |
| **10. Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы.**<br>Суу – өмүрдүн булагы.\Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор. | 1) Заттын орду жөнүндө маалымат алуу жана билдирүү.<br>2) Предметтин бар/жок экени жөнүндө маалымат алуу жана билдирүү.<br>3) Кеңеш жана сунуштарды билдирүү.<br>Кыймыл-аракет жөнүндө жана кыймыл-аракеттин убактысы, орду, себеби жана максаты жөнүндө маалымат суроо жана билдирүү. | **Угуу**<br>Кыргызстандын айтылуу жерлери, Ысык-Көл жөнүндө уламыш жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына төмөндөгү кырдаалдарда туура жооп кайтарат: «Көлдө», «Суу жээгинде», «Айылда».<br>Жогоруда аталган кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>Монолог<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет;<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; | **Морфология**<br>**Зат атооч**<br>Атооч жөндөмөсү:<br>• Дата (убакыттык мамилелер): *Бүгүн кайсы* ***күн****?Бүгүн* ***жекшемби*** *– дем алыш* ***күнү****.*<br>• Салыштыруу предмети: *Бишкек шаарынын* ***тарыхы*** *Нарын шаарынын тарыхына караганда кызыгыраак.*<br>• Заттардын бар/жок экенин атоо: *Бизде* ***дарыялар*** *жана* ***көлдөр*** *көп.*<br>Барыш жөндөмөсү:<br>Салыштыруу объекти: *Ош Караколго караганда чоң.*<br>Жатыш жөндөмөсү:<br>Предметтин аныктамасы: *Биз телефону бар* ***номерде*** *жашадык.*<br>Орунду билдирген зат атооч: *Биздин* ***өлкөдө*** *жети облус бар.* | • Менин мекеним Кыргызстан!<br>• Кыргызстандын борбору- Бишкек<br>• Кыргызстандын жаратылышы кооз.<br>• Кыргызстанда 7 облус бар<br>• Кыргызстан тоолуу өлкө<br>– Менин шаарым (айылым) ... (аталышы) .<br>– Менин шаарым (айылым) (кандай?) ... (алдыңкы, өнөр жайлуу, маданий борбор)<br>– Менин шаарымда (айылымда) (кандай тарыхый кооз жерлер бар?) ... (борбордук көчөлөр, эстеликтер, театрлар ж.б.)<br>Теңир тоо – асман тиреген тоо дегенди билдирет |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| | | • Сабактын темасына ылайык өз алдынча монолог курат: Кыргызстандын айтылуу жерлери, Ысык-Көл жөнүндө уламыш ж.б. жөнүндө; Өз алдынча монолог курат.<br>**Окуу**<br>Кыргызстандын айтылуу жерлери, Ысык-Көл жөнүндө уламыш жөнүндө публицистикалык тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт. Тексттердеги теманы жана идеяны аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Кыргызстандын суулары жөнүндө сүрөттөмө текст формасында маалымдайт. Кеңеш, сунуштарды билдирет. Азыркы кездеги таза суу көйгөйлөрү, алардын келип чыгуу себептери, чечүү жолдору жөнүндө ой жүгүртүү формасында текст жазат. Сүрөттөмө формасында жарнак фильм үчүн, буклет үчүн текст жазат. Өлкөдө жүрүү үчүн унаанын оптималдуу түрү жөнүндө ой жүгүртүү формасында текст жазат.<br>Белгилүү жерлер, ажайып кооз жайлар менен байланышкан уламыштарды баяндоо-текст формасында баяндайт. | **Сын атооч**<br>Сын атоочтун салыштырма даражасы, түзүлүшү. Сын атоочтун салыштыруу жана күчөтмө даражасында колдонулушу:<br>• *акылдуу – акылдуураак – эң акылдуу, абдан акылдуу;*<br>• *жаш – жашыраак – эң жаш;*<br>• *жаман – жаманыраак – эң жаман.*<br>**Сан атооч**<br>• эсептик, иреттик жана жамдама (экөө, үчөө,...) сан атооч<br>• жөнөкөй жана курамдык сан атооч.<br>• Сан атоочтордун зат атоочтор жана сын атоочтор менен айкалышы<br>**Синтаксис**<br><u>Атоочтук баяндооч:</u><br>• Салыштырма жана күчөтмө даражадагы формада сын атооч: *Бул макала кызыгыраак.*<br><u>Сөздөрдүн сүйлөмдөгү ирети:</u><br>• Ээнин тобунун препозициясы, баяндоочтун постпозициясы: *Кышында каникул башталды.*<br><u>Татаал багыныңкы сүйлөм:</u><br>• максат (*-гандыктан*)<br>• өлчөм (*канчалык*). | – Мен Кыргызстан асман тиреген тоолордун өлкөсү деп ойлойм, анткени ... .<br>– Кыргызстанга туристтер көп келишет, себеби ... – Мен сизге Кыргызстандын ... көрүүнү сунуштайт элем, анткени ... .<br>– Эгерде кыргыздын Ала-Toocуна барсаңар, ал жактан ..., ..., ..., көрөсүңөр.<br>– Эгерде Бурана мунарасын көрүүнү тандасаңыздар, өкүнбөйсүз, анткени ... .<br>– Таш-Рабат тарыхы сиздерди абдан кызыктырат, себеби ... .<br>– (эмне)(эмнеден) эмнеси менен/кантип айырмаланат. |
| **11. Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология.** | 1) Кыймыл-аракеттин ишке ашырылышынын мүмкүнчүлүгү/керектиги/ мүмкүн эместиги жөнүндө маалыматты суроо жана билдирүү. | **Угуу**<br>Төмөнкү темалар жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат:<br>• Жер планетасы;<br>• Жаратылыш жана адам; | **Сөз жасоо**<br>Абстракттуу түшүнүктөр, иш-аракеттер, белгилер, ж.б. билдирген кыймыл атоочтор **-уу, -үү, -ыш, -иш, ж.б.**<br>Сактоо, коргоо, сүйүү, куруу<br>Сакташ, коргош, сүйүш, куруш | Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, ... чыгар.<br>Сиз ... кылсаңыз!<br>Сен/сиз ... кылыш + ың/+ ыңыз керек. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| Биздин өлкөнүн байлыктары. Ысык-Көлдүн куту жана куну (Ч. Айтматов) Жашылдандыруу. Мен жашаган аймак | 2) Айыптоону билдирүү.<br>3) Маалыматтык интенциялар: фактылар жана окуялар жөнүндө маалыматтарды суроо, шарттар, максаттар, себептер, натыйжалар жөнүндө маалымат суроо; мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо; толуктоо, түшүндүрүү, тактоо, сурамжылоо. | • Экология;<br>• Климаттык глобалдык өзгөрүүлөр<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү көйгөйлөрүнө байланыштуу кырдаалдарда туура жооп кайтарат.<br>Жаратылыш жөнүндө, экология, абанын булганышы, климаттык өзгөрүүлөр, планетадагы мөңгүлөрдүн эриши жөнүндө расмий жана расмий эмес кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br><u>Монолог</u><br>Адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү көйгөйлөрүн талкуулоодо өз оюн билдирет;<br>**Окуу**<br>Жаратылыш жөнүндө, экология, абанын булганышы, климаттык өзгөрүүлөр, планетадагы мөңгүлөрдүн эриши жөнүндө илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт.<br>Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт.<br>Жаратылыш жөнүндө, экология, абанын булганышы, климаттык өзгөрүүлөр, планетадагы мөңгүлөрдүн эриши жөнүндө тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт. | **Морфология**<br>**Зат атооч**<br><u>Жандоочтор менен илик жөндөмөсү:</u><br>Предметтин, нерсенин орду (жанында, артында, алдында, түбүндө, үстүндө): *Үйдүн жанында дүкөн. Жолдун үстүндө.*<br><u>Табыш жөндөмөсү:</u><br>логикалык субъекти билдирген конструкциялар: керек, зарыл, болот, ж.б.: *жаратылышты сүйүү, сактоо, аяр мамиле кылуу керек.*<br>**Ат атооч**<br>Тангыч ат атоочтор (*эч ким, эч нерсе, эч кандай, эч бир, эч качан*)<br>**Этиш**<br>• Чакчыл жөнүндө түшүнүк;<br>• Чакчылдардын түзүлүшү жана мааниси<br>**Тактооч**<br>Орун тактоочтор (*эч жерде, төмөндө, жогоруда*)<br>**Синтаксис**<br><u>Жөнөкөй сүйлөм</u><br>Каршылагыч бөлүкчө (да): ***Кантсем да** жардам бере албадым.*<br><u>Багыныңкы татаал сүйлөмдөр:</u><br>шарттуу (эгерде, эгер) *Эгер сен кечикпей кел**сең**, иш жайында бол**мок**.*<br><u>Себеп багыныңкы сүйлөм:</u><br>Экологдор бүгүн эң көп керектелүүчү кесип, ***себеби*** айлана-чөйрөнүн абалы жана сергек жашоо жөнүндө камкордук көрүү керек болуп жатат. | Сен/сиз … эмес, … кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм. … жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>…болсо, … болот.<br>Сиз кандай дейсиз?<br>Сиздин оюңуз кандай?<br>Сиздин көз карашыңыз кандай?<br>Мен сиздин оюңузга кошулам, анткени … .<br>Мен сиздин оюңузга кошулбайм, анткени … .<br>…кеңеш берем.<br>…кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>…ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>…жакшы болмок/…болот эле.<br>Кен байлыктар – өлкөбүздүн баа жеткис байлыгы.<br>Кыргызстандын кен байлыктары өлкөгө пайда алып келет, ошондуктан … .<br>Кен байлыктарды иштетүү … алып келет деп ойлойм, анткени … .<br>Эгерде биз … ойлосок, анда … -уу керек. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жазуу**<br>Өз таасирленүүсүн кошуп, жаратылышты сүрөттөө текстин жазат.<br>Адам менен айлана-чөйрөнүн, адам менен жаратылыштын өз ара аракеттешүүсү жөнүндө ой жүгүртүү текстин жаратат. | | |
| **12. Адам баласынын руханий өнүгүүсү.** Улуттук баалуулуктар. Билим алуу – ийне менен кудук казгандай. Улуу сөз зергери – Жусуп Баласагын. | 1. Коммуникацияга кирүү: көңүл бурдуруу, кайталоону сурануу, кайра суроо, эске салуу, маектешүүнү аяктоо.<br>2. Баш тартууну, тыюу салууну, уруксат берүүнү билдирүү.<br>3. Байланыш түзүүчү интенциялар:<br>• маекке катыша билүү;<br>• маекке демилгечи болуу;<br>• маекти кубаттоо;<br>• маектин багытын/темасын өзгөртүү;<br>• сүйлөшүү кырдаалына жараша маекти адекваттуу бүтүрүү;<br>• адамдын көңүлүн буруу;<br>• өзүн жана башкаларды сүйлөшүү кырдаалына жана кептик этикетке ылайык тааныштыра билүү;<br>• ыраазычылык билдирүү; | **Угуу**<br>Адам баласынын руханий өнүгүүсү, улуттук баалуулуктар, Жусуп Баласагындын билим жөнүндө айткан сөздөрү тууралуу монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Диалог<br>Кырдаалдар боюнча маектешүүчүнүн айтканынын мазмунун түшүнөт, туура жооп кайтарат. Берилген кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт.<br>Монолог<br>Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет.<br>Алынган маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын темасына ылайык өз алдынча билдирүү даярдайт.<br>**Окуу**<br>Адам баласынын руханий өнүгүүсү, улуттук баалуулуктар, кесиптик даярдоодогу тилдин ролужөнүндө илимий-популярдуу тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. | **Төл жана бөтөн сөз**<br>Философия илимдеринин кандидаты, СССР жазуучулар союзунун мүчөсү Калык Ибраимов «Акыр заманда адам жолун издеген Айтматов» макаласында «...гуманисттик руханий-маданий наркка таянуу аркылуу Ч. Айтматов дагы Сфинкс сыяктуу өзүнө өзү, ошондой эле, жер жүзүндө жашаган пенделердин баарына «Адам баласы канткенде адам болот?», «Канткенде пейил оңолот?» деген түбөлүктүү суроону кайра-кайра коёт» – деп жазган.<br>**Тике жана кыйыр сөз**<br>Философия илимдеринин кандидаты, СССР жазуучулар союзунун мүчөсү Калык Ибраимов Ч. Айтматов жана анын чыгармачылыгы тууралуу жазган, ал Ч. Айтматовду Сфинкс сыяктуу өзүнө өзү, ошондой эле, жер жүзүндө жашаган пенделердин баарына «Адам баласы канткенде адам болот?», «Канткенде пейил оңолот?» деген түбөлүктүү суроону кайра-кайра койгонун айткан. | Менин билишимче, ...<br>Мен ... деп ойлойм/эсептейм/билем.<br>Негизгиси – ...<br>Мисалга алсак,<br>...жакшы мисал болуп бере алат.<br>Жыйынтыктаганда, ...<br>Сөзүмдүн аягында, ...<br>Кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги максатым – ... .<br>Биринчиден, ... .<br>Экинчиден, ... деп ойлойм. Ал эми орус тилин билүү менен ... .<br>Мага ... сайты жакты. Анткени ... .<br>Башка тилди тез үйрөнүш үчүн:<br>Биринчиден, сайтын ... . Анткени ... .<br>Экинчиден, сайтын ... . Анткени ... .<br>Үчүнчүдөн, сайтын ... . Анткени ... .<br>Менин тил үйрөнүүдөгү негизги максатым ..., анткени ... . |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>«Билимдүү адам», «Кыргыз элим – байлыгым», «Азыркы адамдын руханий жашоосу» ой жүгүртүү эссе жазат. Билимдүү инсан жөнүндө белгилүү маалыматтын негизинде билдирүү даярдайт (досуна кат, сайтка маалымат, буклет жазуу, ж.б.) | **Төл жана бөтөн сөз**<br>Ф. Гюлен «Руханий дүйнөсү бай адам, ишеними жана кыймыл-аракеттери менен чыныгы руханият каарманы болуп саналат. Анын жан дүйнөсүнүн тереңдиги руханий дүйнөсүнүн тазалыгы менен бааланат», – дептир.<br>**Тике жана кыйыр сөз**<br>Ф. Гюлен: Руханий дүйнөсү бай адам, ишеними жана кыймыл-аракеттери менен чыныгы руханият каарманы болуп саналат.<br>Ф. Гюлендин айтуусу боюнча, руханий дүйнөсү бай адам өз ишеними жана кыймыл-аракеттери менен чыныгы руханият каарманы болуп саналат. | |
| **13. Санариптештирүү.**<br>Интернет менин жашоомдо. Интернеттин оң жана терс жактары. Кыргызстандагы санариптештирүү. | 1) Суроо берүү же окуя, адамдар, предмет жөнүндө билдирүү.<br>2) Адамга же предметке баа берүү.<br>3) Баарлашууну демилгелөө жана колдоо. Байланыш түзүү:<br>• маекке катыша билүү;<br>• маекке демилгечи болуу;<br>• маекти кубаттоо;<br>• маектин багытын/темасын өзгөртүү;<br>• сүйлөшүү кырдаалына жараша маекти адекваттуу бүтүрүү;<br>• адамдын көңүлүн буруу; | **Угуу**<br>Санариптештирүү, «2019-жыл – Регионордорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы», интернеттин оң жана терс жактарыжөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Диалог<br>Интернеттин оң жана терс жактары, интернеттин ролу жөнүндөмаектешүүчүнүн айтканынын мазмунун түшүнөт, туура жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br>Монолог<br>Санариптештирүү темасында ой жүгүртүү текстин түзөт. | **Төл жана бөтөн сөз**<br>Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы № 1 “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүүжылы деп жарыялоо жөнүндө «Жарлыгында «Электрондук төлөмдөрдү жана мобилдик банкингди өнүктүрүү аркылуу региондорго банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн кирүүсүн көбөйтүү зарыл», – деп айтылган.<br>**Тике жана кыйыр сөз**<br>Сооронбай Жээнбеков санарип технологиялары жашоонун бардык тармактарына – билим берүү, медицина, бизнес, туризм, сот жана укук коргоо органдарынын ишине кирерин айтты. | Ийгиликке жетүү үчүн компьютерди үйрөнүү зарыл. Анткени … .<br>Компьютерди үйрөнүү үчүн:<br>Биринчиден … -ыш керек,<br>Экинчиден … -ыш керек,<br>Үчүнчүдөн … -ыш керек.<br>Мен … деп ойлойм, анткени…<br>Айрымдар … дешет, бирок…<br>Мен … деп ойлойм.<br>Компьютер үйрөнүү эмне үчүн керек:<br>• Саякат<br>• Дүйнөлүк маданият менен таанышуу<br>• Дүйнөлүк башка окуяларды түшүнүү<br>• Интернетте баарлашуу<br>• Илимий изилдөөлөр |

## 2.3. 11-КЛАССТЫН ПРОГРАММАСЫ

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| **1. Үй-бүлө. Ата-эне, бир туугандар. Өмүр баян.** | 1) Аңгемелешүүнү демилгелөө;<br>Аңгемелешүүнү колдоо;<br>Аңгемелешүүнүн темасын (багытын) өзгөртүү;<br>Аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрүү.<br>4) Жөнгө салуучу интенциялар:<br>каршы болуу;<br>күмөн саноо; убада берүү;<br>кепилдик берүү<br>3) баалоочу интенциялар социалдык-укуктук бааны билдирүү жана түшүндүрүү: актануу; коргоо;<br>эмоционалдык бааны билдирүү жана түшүндүрүү:<br>артыкчылыгын айтуу.<br>Канааттануу, канааттанбоо;<br>анын болушунун мүмкүндүгү; зарылчылыгы, ишке ашуусунун мүмкүн эместиги тууралуу сурай же билдире алуу. | **Угуу:**<br>Төмөндөгү темаларга монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат: «Үй-бүлө – өзүнчө чакан мамлекет», «Мектеп жылдары», «Мектептеги кызыгуулар».<br>Диалогдук кепти угуу үчүн сунушталган тексттин көлөмү 10–12ден кем эмес сүйлөм. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин.Текстти 1–2 жолу уктуруу керек.<br>Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;<br>Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны: 3% чейин.<br>**Сүйлөө:**<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет;<br>• Сабактын темасына ылайык өз алдынча монолог курат;<br>**Окуу**<br>• Үй-бүлө куруудагы жоопкерчилик жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>• Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>• Тексттердин темасын жана идеясын аныктайт. | **Кептик стилдери:**<br>Оозеки жана жазма. Оозеки: диалог, монолог; Оозеки стилде ылакаптар колдонулат: «Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт»; Оозеки стилине мүнөздүү белгилер: интонация, элестүүлүк (ымдоо, жаңдоо, жаңсоо), эмоционалдуулук (кубануу – Ура, апам келди; өкүнүү – кап, аттиң, атаны балакет ай-э; чочуп кетүү – апей, кокуй кантет; таң калуу – оо-ийи, ойшумдук; суктануу – бах, чиркин, баракелде).<br>Жазма стилдери: Көркөм, илимий, публицистикалык, расмий-иштиктүү – расмий, расмий эмес иш кагаздар.<br>**Кептин түрлөрү:** баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү.<br>**Иш кагаздарына** коюлуучу талаптар: 1. Иш кагаздын аталышынын туура жазылуусу; 2. Кайрылуучу мекемenin, жетекчинин кызмат орду жана аты-жөнү так, туура берилиши; 3. Маалыматтын маанисинин кыска, нуска жана толук, так жазылуусу (ашыкча сүрөттөө, көркөмдөө, мактоо сөз каражаттарын колдонбоо); 4. Логикалык ырааттуулугу, өз убагында берилиши; 5. Кыскартылган сөздөрдү колдонууда бирдей адабий норманы сактоо, сөздөрдү тилдик эрежелердин негизинде кыскартуу; 6. Архаизм, тарыхый сөздөрдү колдонбоо; | • Кош келиңиз/кош келипсиз/ Кош келиңиздер!<br>• Төргө өтүңүз!<br>• Койсоңчу!<br>• Кантип эле!<br>• Мен үчүн бул күтпөгөн нерсе/ күтүүсүздүк!<br>• Таң калыштуу!<br>• Мен мындай болот деп күткөн эмесмин!<br>• Менин атым...<br>• Мен өзүмдү ... (ким менен? эмне менен?) ассоциациялайм, себеби...<br>• Мен (бирөөнүн аты ... өзүн ... менен ассоциациялайт экенин билдим, себеби ал...<br>• Мен бала кезимде ... деп кыялданчумун<br>• Жакынкы убакта мен ... болушун каалайт элем.<br>• Мен баарынан да ... корком .<br>• Мен баарынан да ... жакшы көрөм.<br>**Иштиктүү кагаздар** кыска болуш керек: минимум сөздөрдү колдонуп, максимум маалыматты билдириш керек. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жазуу**<br>• Үй-бүлө куруудагы жоопкерчилик жөнүндө баяндоочу текст формасында жазат.<br>• «Менин балалык махабатым», «Үй-бүлө бекемдиги – мамлекеттин бекемдиги» темасында окуган текстинин негизинде эссе даярдайт.Берилген тема боюнча 15–18 сүйлөмдүн чегинде жазуу жүзүндө баяндап берет. | 7. Иш кагаздарынын тексти 1-жак (арыз, тил кат ж.б.) же 3-жак (буйрук, жарлык ж.б.) аркылуу берилет. 8. Сан атооч менен берилген сөздөрдөн кийин зарылдыкка жараша кашаага сандын сөз түрүндө берилиши; 9. Кабыл алынган стандартка ылайыкталышы; 10. Кол жазманын үлгүлүүлүгү. | **Өмүр баян** – бул адамдын өз колу менен эркин формада белгилүү убакыттын аралыгында басып өткөн жолу жөнүндө жазылган иш кагазы. |
| **2. Адам жана анын жеке турмушу. Мүнөздүн өзгөчөлүктөрү** | 1. Жөнгө салуучу интенция:<br>көңүлдү өзүнө буруу;<br>аңгемелешүүчүлөрдүн социалдык ролдоруна ылайык коштошуу;<br>кеп адебинин эрежелерине ылайык кайрылуу;<br>каалоо;<br>талап кылуу;<br>үмүттөндүрүү;<br>2. Маалыматтыкинтенциялар:<br>фактылар жана окуялар жөнүндө маалыматтарды суроо;<br>шарттар, максаттар, себептер, натыйжалар жөнүндө маалымат суроо; мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо; | **Угуу**<br>«Жашоодогу максатым», «Кыялдарым», «Умтулууларым» ж.б. темадагы монолог жана/же диалог түрүндө айтылган маалыматты угуп, кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Окуучунун сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **диалогдук** кеп курууга **критерийлер** менен иштейт:<br>• Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;<br>• Баарлашууну расмий жагдайда жана расмий эмес жагдайда демилгелейт.<br>Мугалим **монологдук** кеп курууга **критерийлер** менен иштейт:<br>• Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана ал тууралуу өз оюн билдирет; | **Зат атооч**<br>Атооч жөндөмөсү:<br>• адамга мүнөздөмө берүү: *Динара – студент.*<br>• *Кара көз, кара тору кыз.*<br>Илик жөндөмөсү:<br>• адамга мүнөздөмө берүү, аны сүрөттөө: *Динаранын келбети келишимдүү. Кыздын үнү назик. Анын мүнөзү токтоо.*<br>**Тактоочтор:**<br>• кантип, качантан бери, кайда, каякка, кайдан<br>**Мүнөздөмөнүн** маалымдаректери:<br>1. Мүнөздөмө алуучу жөнүндө маалымат; иш орду, туулган жылы, билими, аты-жөнү.<br>2. Иш кагаздын аталышы.<br>3. Текст<br>4. Жетекчинин кызматы, аты-жөнү.<br>5. Жетекчинин колу.<br>6. Берилген күнү.<br>7. Мөөр | • ким + ал кандай<br>• балким,<br>• болушу мүмкүн,<br>• чын, жалган,<br>• мүмкүн,<br>• анык,<br>• Сын атооч + терс маани (эмес) андай эмес<br>таптакыр андай эмес<br>• ал кандай адам<br>• ал эмне экен?<br>• аны эмнелер далилдейт<br>• бул жөнүндө кандай далилдер бар<br>• бул кимге мүнөздүү<br>• кимдер эмнелери менен айырмаланышат<br>• эмнеси менен өзгөчөлөнүп турат<br>• Адамдын мүнөздөрү: М: Искендер – ..., анткени... |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | • Өз алдынча сабактын темасына ылайык монолог кура алат.<br>• Өзүңдүн мүнөзүңдү талдап бер ж.б.<br>**Окуу**<br>• Жашоодогу кыялдар, максаттар жөнүндөгү көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди окуйт жана түшүнөт. Алардагы негизги жана кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин идеясын аныктай алат.<br>**Жазуу**<br>• «Жашоодогу максаттарым», «Умтулуу» баяндоо формасындагы тексттерди жаза алат. Берилген тема боюнча 15–18 сүйлөмдүн чегинде жазуу жүзүндө баяндап берет. | **Мүнөздөмө**<br>Асылова Динара аталган окуу жайдын «Менеджмент жана туризм» факультетинде 2007-жылдан бери окуйт. Семинардык сабактарга үзгүлтүксүз катышып, өзүнүн билимин жогорулатуу максатында зор аракет жасайт. Динара – тартиптүү, эмгекчил, токтоо жана демилгечи студент. Ал – «Кыргыз тили» курсу боюнча өткөрүлгөн олимпиаданын жеңүүчүсү. Тайпада кадыр-барктуу жана башкаларга жардам көрсөтүүгө аракет кылат. Окуудагы жана коомдук иштердеги үлгүлүү жетишкендиктери үчүн алкыш жарыяланган. Мүнөздөмө Д. Асыловага К. А. Байдулетова атындагы стипендия берүү максатында берилди. Факультеттин деканы К. Ө. Касымова. | **Флегматик** – жоош, оор басырыктуу, токтоо адам.<br>**Холерик** – кызуу кандуу, эр жүрөк, шаңдуу адам.<br>**Сангвиник** – жандуу, кыймылдуу адам.<br>**Меланхолик** – сезимтал, көңүлү бат ооруган адам.<br>• Башка адам тууралуу өз оюн билдирүү:<br>Мен … деп ойлойм.<br>Биринчиден, … .<br>Экинчиден, … .<br>Үчүнчүдөн, … .<br>Демек, … . |
| **3. Кесип. Иш. Иш күнү** | 1. Жөнгө салуучуинтенциялар:<br>Кеңеш берүү;<br>көрсөтмө берүү;<br>каалоосуна таасир этүү;<br>каршы болуу;<br>2. Баалоочу интенциялар:<br>Артыкчылыгын билдире алуу; Кызыгуу;<br>Суктануу;<br>Капалануу;<br>Кызыгуу;<br>Тынчсыздануу;<br>Үмүттөнүү; | **Угуу**<br>**Кесип** темасындагы монолог жана/же диалог түрүндө айтылган маалыматты угуп, кабыл алат.<br>Диалогдук кепти угуу үчүн сунушталган тексттин көлөмү 10–12ден кем эмес сүйлөм. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин. Текстти 1–2 жолу уктуруу керек.<br>Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;<br>Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны: 3% чейин. | **Кептик стилдери:**<br>Оозеки жана жазма.<br>**Кептин түрлөрү:** баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү.<br>**Иш кагаздары:** Резюме жазуу.<br>**Сөздөрдүн түзүлүш жолдору**<br>Сөздүн уңгусу жана мүчөсү.<br>Сөз жасоочу мүчөлөр: -чы мүчөсү.<br>Жумуш, кесип боюнча адамдарды билдирген зат атоочтор<br>**Морфология**<br>**Зат атооч:**<br><u>Атооч жөндөмөсү:</u><br>• адамдардын жалпылыктарын окшоштуруу (идентификациялоо). | Адамдын сырткы келбетинен, кийиминен кесибин аныктоо<br>Бул – … , себеби ал … .<br>Мен … деп ойлойм, анткени, … .<br>Кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр<br>Жеке өзгөчөлүктөр<br>• акылы<br>• жөндөмдүүлүгү<br>• кызыгуусу<br>• кулк-мүнөзү<br>• жынысы<br>**физиологиялык өзгөчөлүктөрү**<br>• жашы<br>• бою |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | 3. Маалыматтык интенциялар:<br>мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо;<br>сурамжылоо,<br>түшүндүрүү ж.б. | **Сүйлөө**<br>«Келечектин кесиптери», «Кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр» темасында укканын түшүнөт, диалог түзөт, баарлашууну демилгелейт.<br>«Менин келечектеги кесибим»<br>«Эмне үчүн келечекте ... болгум келет?» **монологдор**дукура алат.<br>**Окуу**<br>Илимий-популярдуу тексттерди окуп түшүнөт, оюн билдирет: «Түрдүү кесип ээлери».<br>Көркөм тексттерден үзүндү окуп түшүнөт.<br>**Жазуу**<br>Тема боюнча сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү тексттерди жазат.<br>**Аудиотека**<br>Адамдын жеке турмушу, бакыт, бактылуу өмүртууралуу ырлар.<br>**Видеотека**<br>Ар түрдүү кесиптер жөнүндө слайддар. | • ар бир адамдын өзгөчөлүгүн аныктоо: Талант! Ал – талант!<br>• адамга мүнөздөмө берүү: Атам – дарыгер. Ал – сырдуу, энем – мээримдүү<br>• каалоону билдирүү:<br>Мен учкуч болгум келет.<br>**Этиш**<br>• этиштин келер чагы<br>**Синтаксис**<br>Сүйлөмдө атоочтук баяндоочтун зат атооч менен берилиши:<br>Мээрим – мугалим.<br>Сүйлөмдө логикалык-маанилик мамилени себеп-натыйжа мамиле аркылуу билдирүүдө байламталар:<br>Анткени, себеби, ошондуктан ж.б. | • салмагы<br>• ден-соолугу ж.б.<br>1. Мен дарыгер ... болгум келет, себеби ал...<br>2. Мен дизайнер ... болгум келет, себеби ал...<br>3. Мен сатуучу ... болгум келет, себеби ал...<br>4. Мен ашпозчу ... болгум келет, себеби ал...<br>5. Мен банкир ... болгум келет, себеби ал...<br>6. Мен мамлекет кызматчысы болгум келет, себеби ал...<br>**Чөйрөгө жараша өзгөчөлүктөр**<br>• аймактык<br>• технологиялык<br>• экономикалык<br>• маанилүү кесиптер |
| **4. Эс алуу. Саякаттоо** | 1. Байланыш түзүүчү интенциялар коммуникацияга чыгуу, аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрүү;<br>ийгилик каалоо, кеп адебинин эрежелерине ылайык чакыруу; | **Угуу**<br>Кыргызстандын табышмактуу жерлери жөнүндөгү монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1–2 жолу уктурулат. | **Лексика**<br>**Лексика** – сөздөрдүн маанилерин, тарыхын, аткарган милдеттерин аныктайт.<br>«Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» сөздөрдүн маани маңызын чечмелейт.<br>М: Төр – үйдүн эшикке карама- каршы тушу. | Ким милдеттүү?<br>Кимдин милдеттерине эмнелер кирет?<br>Ким аткарышы керек?<br>Мен ... деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым.<br>Мен аткарышым керек эле...<br>Чынында эле ушундайбы?<br>Бул ырастоону карап чыгалы. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | 2. Предметтин сапаты тууралуу маалыматты сурап билүү жана билдирүү.<br>3. Баалоочу интенциялар: эмоционалдык бааны билдирүү жана түшүндүрүү: артыкчылыгын айтуу, канааттануу/канааттанбоо, таң калуу, кызыгуу, көңүл коштук; суктануу,<br>Каалоону билдирүү; | **Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына төмөнкү кырдаалдарда туура жооп кайтарат: «Коомдук жайда», «Саякатта», «Автобекетте», «Аэропортто». Аталган кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт, маектин темасын өзгөртө алат.<br>Монолог<br>Маданий жерлердин тарыхынан баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>Кыргызстанга келген саякатчынын атынан слайддарга комментарийлерди берет: артыкчылыгын айтууну, таң калууну, канааттанууну билдирет.<br>**Окуу**<br>• Кыргызстандын ажайып кооз жерлерине саякат жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт, темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Тааныш эмес сөздөр:** 5–7%га чейин.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. **Жанрлары:** аңгеме, макала.<br>**Жазуу**<br>• Сүрөттөөчү текст формасында кандай саякаттаганы жөнүндө жазат. | **Архаизм. Историзм**<br>Бир кезде калк үчүн ачык-айкын, белгилүү болуп, бара-бара эскирип, колдонуудан чыгып калган сөздөр.<br>М: аталык, паңсат, чарайна, увазир, дербиш.<br>**Неологизм**<br>Тилде жаңыдан пайда болгон<br>Же жаңы мааниге өтүп колдонула баштаган сөздөр.<br>М: санариптештирүү, интернет, социалдык түйүн, бүткүл дүйнөлүк желе ж.б.<br>**Антоним**<br>Карама-каршы маанидеги сөздөр.<br>М: жакшы-жаман, өйдө-ылдый, кирешe-чыгаша, сүйүнүчтүү-капалуу ж.б.<br>**Синоним**<br>Мааниси окшош, турпаты ар башка сөздөр.<br>М: натыйжа-майнап; чанда-сейрек-кээде; кооз-көркөмдүү, сулуу-чырайлуу ж.б.<br>**Омоним**<br>Турпаты окшош, маанилери ар башка сөздөр.<br>М: ак (кандай?) – түс<br>ак (эмне кыл?) – куюлуу;<br>үй( эмне?) – турак жай<br>үй (эмне кыл?) – чогултуу ж.б.<br>ат (эмне?) – ысым;<br>ат (эмне?) – жылкы<br>ат- (эмне кыл?) – этиш. | Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан караганда,<br>Ошондуктан бул пикир...<br>Мен ... көрүүнү каалайм, себеби ... .<br>Мен ... менен саякаттаганды жакшы көрөм, анткени ... .<br>Мен ... саякатка барууну жактырам. А сенчи?<br>Сен саякаттоону кааласаң, ... барсаң болот. Анткени ... .<br>• Саламатсызбы<br>• Кыргызстанга кош келиңиз!<br>• Менин атым ... .<br>• Мен ... .<br>• Биз азыр аэропорттон Бишкекке жөнөйбүз.<br>• Машина күтүп турат.<br>• Жүрүңүз, машина күтүп турат.<br>• Мага ... жакты, анткени ... .<br>• Мен дагы ... жөнүндө билгим келет, себеби...<br>Биз ... кубанычтабыз. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | • Ой жүгүртүү текст формасында Кыргызстанга келген саякатчынын эс алуусу кандайча өткөндүгүн жазат.<br>**Окуучулардын** жазуу тексттери **20дан кем эмес сүйлөмдөн турат.** | | |
| **5. Бош убакыт. Кызыгуулар** | 1. Маалымат сурап-билүү жана билдирүү:<br>• адам, далил, болгон окуя (кыймыл-аракет), буюм жана алардын бар же жок экендиги, буюмдардын сапаты, саны, кимге же эмнеге таандык экендиги тууралуу сурай же билдире алуу;<br>• окуя же кыймыл-аракеттин орду, убактысы, себеби, максаты тууралуу сурай же билдире алуу;<br>2. Баалоочу интенциялар: жогору баалоо, пикир, божомолдоо, кабардар болуу; моралдык-этикалык баасын билдирүү жана түшүндүрүү: колдоо, айыптоо, мактоо, жемелөө, уятка-руу; | **Угуу**<br>Төмөнкү темаларга монологдук жана/же диалогдук түрдө айткан сөздү камтыган маалыматты угуп кабыл алат: «Көчмөн оюндары». «Улуттук тамак-аштар». «Саяпкердик». «Мүнүшкөрлүк».<br>Диалогдук кепте – 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1-2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>Көчмөн оюндарында кырдаалында аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>• Көчмөн оюндары жөнүндө баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>Сабактын темасына ылайык өз алдынча монологдук кеп курат. | **Диалектилер**<br>Аймактарга тиешелүү лексика.<br>Адабий тилдин нормасына туура келбейт.<br>Мисалы: бадывот (түндүк диалектиси) – кесе.<br>Тыбыт (Талас диалектиси) – чөбөгө.<br>Тукум (түштүк диалектиси) – жумуртка.<br>**Фразеологизмдер**<br>Ой-пикирди таамай, элестүү, курч, жеткиликтүү же анын көркөмдүк татымын күчтүү кылып берүүдө кеңири колдонулуучу эң бай тилдик каражаттар.<br>М: Ичкени аш болбоо – бир нерсеге санааркоо, тынчы кетүү;<br>Бооруна тартуу – өзүнө жакындатып имерүү, жакынсытуу;<br>Төбөсү көккө жетүү – сүйүнүү, кубануу;<br>Төбөсү менен жер казуу – тынымсыз эмгектенүү.<br>**Макал-лакаптар**<br>Биринчи байлык – ден соолук;<br>Бирди билгенче, миңди тааныган жакшы;<br>Бир жылдыгын ойлогон буудай эгет,<br>Он жылдыгын ойлогон Терек тигет,<br>Өмүрүн ойлогон илим окуйт! | Мага эмне керек/мага эмне зарыл/ мага эмне кыл + -ыш керек<br>• Мен … талап кылам<br>**Канааттанганын/канааттанбаганын кантип билдирет.**<br>**Үлгү:**<br>Жакшы, эң жакшы. Бул мага жагат.<br>Ракмат, баары сонун! Баары тең жайында.<br>Түзүк, жаман эмес.<br>Жакшы эмес.<br>Бул мага жаккан жок.<br>Бул өтө начар.<br>Болбогон нерсе.<br>Мындай болбош керек. Бул жарабайт.<br>Ушул кантип болсун?<br>**Макул/каршы экендигин кантип билдирет.**<br>**Үлгү:** Мен макулмун.<br>(Албетте. Ооба. Мен да ушундай деп ойлойм.)<br>Мен каршымын. (Мен макул эмесмин. Мен андай деп ойлобойм. Койчу! Андай эмес.)<br>**Бош убакытты кантип өткөрөбүз:** (эмнеге? кимге?) кызыгып артынан түшүү, берилүү, кызыгуу;<br>(эмнени?) талкуулоо/талкуу жүргүзүү; |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | **Окуу**<br>Көчмөн эл оюндары, улуттук баалуулуктар жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>Бош убактысы, эс алуусу, спорт менен машыгуусу жөнүндө тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Тааныш эмес сөздөр:** 5–7%га чейин.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. **Жанрлары:** аңгеме, макала, ыр<br>**Жазуу**<br>Жазуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:<br>Сунушталган тема боюнча баяндоочу текст формасында жазат.<br>Сунушталган тема боюнча окуган текстинин негизинде жазуу формасында билдирүү тексттерди даярдайт, эссе жазат.<br>Окуучулардын **жазуу тексттери** 20дан кем эмес сүйлөмдөн турат. | | (кимге? эмнеге?) чынын айтып, билдирүү, моюнга алуу;<br>(эмнеге?) убакыт өткөрүү, убакыт коротуу, бир нерсеге убакыткеректөө;<br>(кимди? эмнени?) жактыруу, (эмне-менен?) машыгуу,алектенүү;<br>(кимди? эмнени?) эрмек кылуу/эрмектөө;<br>(ким менен?) сырдашуу, баарлашуу, сүйлөшүү, ойноо;<br>(эмнеден?) ырахат алуу. |
| **6. Адам жана коом.** Жумушсуздук көйгөйүн чечүү. Көйгөйлөрдү чечүүгө атуулдук көз караш | **Маалыматтык интенциялар:**<br>фактылар жана окуялар жөнүндө маалыматтарды суроо;<br>шарттар; максаттар;<br>себептер; натыйжалар жөнүндө маалымат суроо; | **Угуу**<br>Адам жана коом. Мектеп бүтүрүүчүсүнүн коомдогу орду. Коомго пайда келтирүү. Жумушсуздук. Жумушсуздук маселесин чечүү. Керектүү кесиптер.<br>Диалогдук кепте угууда – 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар. | **Морфология.**<br>**Этиш:**<br>Жумушсуздуктун санын азайтуу – социалдык бир нече көйгөйлөрдүн алдын алат. | **Үй-бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр:**<br>• үй-бүлөнүн жашоо (экономикалык) деңгээли<br>• маданий деңгээли<br>• үй-бүлөнүн баладан күткөндөрү<br>• ата-эненин, бир туугандардын кесиптери |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, пред-меттердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо;<br>**Баалоочу интенциялар:**<br>каалоосун билдирүү;<br>керектөө; ниеттенүү,<br>жогору баалоо, пикир, божомолдоо, кабардар болуу;<br>**моралдык-этикалык баасын билдирүү жана түшүндүрүү:**<br>колдоо,<br>айыптоо,<br>мактоо,<br>жемелөө,<br>уяткаруу;<br>**социалдык-укуктук бааны билдирүү жана түшүндүрүү:**<br>актануу;<br>коргоо;<br>айыптоо; | **Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 3% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>«Эмгек келишими», «Жумушка орноштуруу бюросунда» кырдаалдарда аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>• Жумушка орношуу, социалдык теңдик, эркиндик, жумушсуздук, көйгөйлөр жөнүндө баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>**Окуу**<br>• Жумушка орношуу, социалдык теңдик, эркиндик, жумушсуздук, көйгөйлөр жөнүндө көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.<br>• Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.<br>• Тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Жазуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт: | **Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, -ган, -уучу, -бас;**<br>**Чакчылдар -ып;**<br>Атоочтуктардын сын атоочко окшош белгилери:<br>Талыкпай эмгектен**ген** адам ийгиликке жетет.<br>Оңой үйрөнүлө тур**ган** кесиптер пайда болду.<br>Кесип тандоодо маанилүү роль ойно**гон** бир фактор – физиологиялык өзгөчөлүк болуп эсептелет.<br>Атоочтуктардын заттык белгилери:<br>Талыкпай эмгектен**гендер** ийгиликке жетишишет.<br>Кесипке ээ боло **электер** семинарга келишти.<br>Чет өлкөдө иште**гендер** туугандарына акча которуп турушат.<br>2020-жылга чейин пайда бол**уучу** кесиптер – булар жакынкы аралыкта керектелүүчү кесиптер.<br>2020-жылдан кийин пайда болуусу мүмкүн болгон кесиптер – дүйнөнүн технологиялык жакшы өнүгүүсүнүн алдында «бүрсүгүнү» пайда бол**уучу** кесиптер. | • авторитар ата-эне<br>• кайдыгер ата-эне<br>Мен … деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым<br>Мен аткарышым керек.<br>Чынында эле ушундайбы?<br>Бул ырастоону карап чыгалы.<br>Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан карап чыксак,<br>Чындыгында … бирок, башка жактан алсак…<br>Себеби…<br>Эгерде …, анда…<br>Эгерде …, анда…<br>Эгерде …, анда…<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, … ыш керек.<br>экинчиден, … ыш керек.<br>үчүнчүдөн, … ыш керек.<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, …-ууга болбойт.<br>экинчиден, …-ууга болбойт.<br>үчүнчүдөн, …-ууга болбойт.<br>Мен … деп ойлогом.<br>Мен аткарайын дегенмин.<br>Мен жетишпей калдым<br>Мен аткарышым керек эле.<br>Чынында эле ушундайбы?<br>Бул ырастоону карап чыгалы.<br>Эмне жөнүндө экенин талдап чыгалы.<br>Бир жагынан карап чыксак, …<br>Чындыгында … бирок, башка жактан алсак… |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | Сунушталган тема боюнча (мисалы, жумушка орношуу, социалдык теңдик, эркиндик, жумушсуздук, көйгөйлөр жөнүндө) баяндоочу текст формасында жазат, билдирүү тексттерди (мисалы: бүтүрүүчүнүн коомдогу ролу ж.б.) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат, Окуучулардын **жазуу тексттери** 18ден кем эмес сүйлөмдөн турат. | | |
| **7. Адам жана экономика. Соода-сатык.**<br>Өнөр жай, ресурстар. ЕЭБ | **1. Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>коммуникацияга чыгуу; аңгемелешүүнү демилгелөө;<br>аңгемелешүүнү колдоо; аңгемелешүүнүн темасын (багытын) өзгөртүү; аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрүү; көңүлдү өзүнө буруу;<br>аңгемелешүүчүлөрдүн социалдык ролдоруна ылайык коштошуу; ыраазычылык билдирүү;<br>кечирим суроо, куттуктоо; ийгилик каалоо; кеп адебинин эрежелерине ылайык кайрылуу;<br>**2. Маалыматтык интенциялар:**<br>мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо; | **Угуу**<br>Адам жана экономика. Ресурстар. Ресурстарды үнөмдөө. Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү маселелери.<br>**Диалогдук** кепте – көлөмү 10–12ден кем эмес кеңейтилген репликалар.<br>**Тааныш эмес сөздөрдүн саны:** 2% чейин. 1–2 жолу уктурулат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>«Өнөр жайда» кырдаалдарда аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>Баяндоочу текст же сүрөттөөчү текст формасында айтып берет.<br>**Окуу**<br>Көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт. Алардагы негизги да, | **Морфология**<br>Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар<br>**Атоочтуктар**<br>***Өнүккөн*** экономика.<br>***Алдыңкы*** өлкө.<br>**Өнүгүүчү** ишкана<br>**Өнүгүп келе жаткан** экономика<br>**Түгөнбөс** ресурстар<br>Кыргызстан ЕЭБ – евроазиялык экономикалык бирикмеге кошулду, экономикасы **өнүгүп келе жаткан** өлкөлөрдүн катарына кирди.<br>**Чакчылдар**<br>**-ып:** Үй-бүлөлүк чыгымдарды үнөмдөп жашаган жакшы. Шериктеш өлкөлөрдүн бажылык биримдигинин иши улан**ып**, ынтымакта өнүгүп жатат. | Себеби...<br>Эгерде..., анда...<br>Эгерде..., анда...<br>Эгерде..., анда...<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, ... ыш керек.<br>экинчиден, ... ыш керек.<br>үчүнчүдөн, ... ыш керек.<br>Бул көйгөйдү чечиш үчүн:<br>биринчиден, ..-ууга болбойт.<br>экинчиден, ..-ууга болбойт.<br>үчүнчүдөн, ..-ууга болбойт.<br>Мындай ийгиликке жетүү үчүн ... керек деп ойлойм.<br>Эгер сен ... аткара алсаң, сөзсүз, ийгиликке жетесиң.<br>Эмгектенген адамдын ... болот.<br>Менин ... жакшы эмес.<br>Менин ... бул өтө начар ... болбош керек, бул жарабайт.<br>...кантип болсун?<br>Мен сиздин оюңузга кошулам, анткени ... .<br>Мен сиздин оюңузга кошулбайм, анткени ... .<br>...кеңеш берем. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | маалыматты толуктоо; түшүндүрүү, тактоо, сурамжылоо, түшүндүрүү ж.б. | кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт, тексттердин темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Текстин стили:** көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык. **Жанрлары:** аңгеме, макала, ыр, тамсил<br>**Жазуу** көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:<br>Сунушталган тема боюнча билдирүү тексттерди баяндоочу текст формасында жазат. (Кыргызстандын экономикасы кандай? Кыргызстандын өнөр жайы кандай? ж.б. темасы) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат. Окуучулардын **жазуу тексттери** 18ден кем эмес сүйлөмдөн турат. | | ..кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>...ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>...жакшы болмок/...болот эле. |
| **8. Адам жана илим. Медицина. Ден соолук.**<br>Кыргызстандагы белгилүү илимпоздор. Кыргызстандагы белгилүү тилчилер | **Коммуникацияга чыгуу:**<br>маекке катыша билүү;<br>маекке демилгечи болуу;<br>маектешкен адамдын социалдык ролуна жараша саламдашуу же коштошуунун түрлөрүн колдонуу;<br>Расмий жана расмий эмес жагдайларда берилген кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>**Маалыматты** толуктоо, маалыматты тактоо | **Угуу**<br>«Кыргызстандагы белгилүү илимпоздор», «Адам жана илим», «Илимдин тармактары» темаларында монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>Маектешүүчүнүн сабактын темасы боюнча айтканынын мазмунун түшүнөт жана медицина тармактарында кырдаалдары боюнча маектешүүчүнүн айтканына туура жооп кайтарат. | **Морфология**<br>Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар<br>Константин Кузьмич Юдахин – түрк тилдерин, өзгөчө кыргыз тилин эң мыкты **билип**, лексикасын, тарыхын жана башка маселелерин терең **изилдеген** чоң окумуштуу болгон.<br>Өмүр бою кыргыз сөздөрүн кылдаттык менен орусчага **которуп**, баа **жеткис** залкар эмгек жараткан.<br>Ар бир сөздү **чечмелеп** берүүдө өзгөчө ыкмаларды колдонгон. Юдахин түрк тилдеринин көпчүлүгүндө **сүйлөй да, жаза** да билген. | Мындай ийгиликке жетүү үчүн ... керек деп ойлойм.<br>Эгер сен ... аткара алсаң, сөзсүз, ийгиликке жетесиң.<br>Эмгектенген адамдын ... болот.<br>Менин ... жакшы эмес.<br>Менин ... бул өтө начар ... болбош керек, бул жарабайт.<br>...кантип болсун?<br>...кеңеш берем.<br>...кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>...ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>...жакшы болмок/...болот эле. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | Монолог<br>Илимпоздор жөнүндө окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет. Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын темаларына ылайык билдирүү даярдайт.<br>**Окуу**<br>Эмдөө, оорулардын алдын-алуу жөнүндө илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт.<br>Илимпоздор, илим жөнүндө, медицинанын алдыңкы жетишкендиктери, ден соолукту сактоо көйгөйлөрү, сергек жашоо жөнүндө тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Санитардык бюллетень даярдайт.<br>«Вакцинация жасоодон (эмдөө) баш тартуу туурабы?», «Улуттун саламаттыгы» темасында ой жүгүртүү тексттерин жазат. | «Кыргызстанда лингвистиканын өнүгүшү» деген эмгегин **жазып**, кыргыз лексикасын **жыйнап**, кыргыз диалектилерине классификация **жүргүзүп**, азыркы орфографиясынын негизги маселелерин **иштеп** чыккан.<br>Кыргыз ССР Илимдер академиясы тарабынан **түзүлгөн** «Кыргыз адабий тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» эки томдугуна жана Кыргыз Атласына илимий кеңешчи болгон.<br>Дүйшөнбек Байдөбөтов 1991-жылдан **тартып**, өмүрүнүн аягына чейин Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында эмгектенген.<br>**Синтаксис**<br>Атоочтуктун сүйлөмдө аныктоочтун милдетин аткарышы. **Кайсы** Атай? Өнөрү өргө чапкан Атай. | Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, … чыгар.<br>Сиз … кылсаңыз!<br>Сен/сиз … кылыш + ың/+ ыңыз керек.<br>Сен/сиз … эмес, … кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм.<br>…жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>Кыргыз илимпоздору менен таанышуу үчүн:<br>биринчиден … -ыш керек,<br>экинчиден … -ыш керек,<br>үчүнчүдөн … -ыш керек.<br>Демек … . |
| **9. Адам жана искусство. Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери.** | **1. Байланыш түзүүчүинтенциялар:** коммуникацияга чыгуу, аңгемелешүүнү демилгелөө, аңгемелешүүнү колдоо, аңгемелешүүнүн темасын (багытын) өзгөртүү, | **Угуу**<br>«Адам жана искусство», «Кино», «Манасчы», «Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери» темаларында монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат. | **Атоочтуктар**<br>Мага *жаккан* кино; мен *окуган* китеп; мен *жактырган* фильм; сен *сүйгөн* спектакль;<br>**Чакчылдар**<br>Биз *көр**үп*** келген фильм; Ал *айт**ып*** берген аңгеме; сен *жаз**ып*** берген пикир. | …кеңеш берем.<br>…кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>…үшинтсең болот.<br>Унутпа!<br>…жакшы болмок/… болот эле.<br>Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, … чыгар. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| С. Чокморов – актёр, сүрөтчү. Ак кууну көрсөң, атпай жүр.<br>Улуу актриса. Улуу манасчы. Алп жазуучу | аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрүү;<br>көңүлдү өзүнө буруу,<br>ыраазычылык билдирүү,<br>кечирим суроо, куттуктоо,<br>көңүл айтуу, ийгилик каалоо.<br>**2. Баалоочу интенциялар:** эмоционалдык бааны билдирүү жана түшүндүрүү: артыкчылыгын айтуу, канааттануу/канааттанбоо,<br>таң калуу,<br>кызыгуу,<br>суктануу, капалануу, айырмасы жоктук,<br>кызыгуу, коркунуч, тынчсыздануу, үмүттөнүү. | **Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн сабактын темасы боюнча айтканынын мазмунун түшүнөт жана маданиятка байланыштуу кырдаалдар боюнча маектешүүчүнүн айтканына туура жооп кайтарат.<br>Расмий жана расмий эмес жагдайларда берилген кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>Монолог<br>Маданият ишмерлери жөнүндө окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын «Маданият ишмерлери», «Мен жактырган фильм/бий», «Сүйүктүү актёр, манасчы жөнүндө», «Мен сүйгөн театр (Мага жаккан кино, адабият)» темаларына ылайык билдирүү даярдайт.<br>**Окуу**<br>«Кинодогу өмүр», «Таланттуу адам: Сүймөнкул Чокморов – актёр жана сүрөтчү», ж.б. илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Сүйүктүү актёр/актриса ж.б. жөнүндө сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүү текст, эссе жазат. | **Зат атооч:**<br>Атооч жөндөмөсү:<br>• адамды жалпы идентификациялоо.<br>• адамды жеке идентификациялоо.<br>• адамга мүнөздөмө, сүрөттөө: **Гапар Айтиев** – сүрөтчү.<br>*Абалдын субъекти:* Сүрөтчү унутулган жок.<br>*Белгини алып жүрүүчү жак:* **Сүймөнкул** таланттуу. Ролдору кызыктуу.<br>Илик жөндөмөсү:<br>Жактын сүрөттөлүшү, мүнөздөмөсү: ***Сабира Кумушалиеванын*** *ролдору өтө кызыктуу.*<br>Барыш жөндөмөсү:<br>Жашы жөнүндө айтылып жаткан адам: ***Саякбай манасчы*** *анда жыйырма эки* ***жашка*** *чыккан эле.*<br>Табыш жөндөмөсү:<br>Этиштин алдындагы логикалык субъект: *Мен акынды жакшы көрөм. Мен анын чыгармаларынжактырам.*<br>**Ат атооч:**<br>• жактама;<br>• сурама;<br>• таандык. | Сиз … кылсаңыз!<br>Сен/сиз … кылыш + ың/+ ыңыз керек.<br>Сен/сиз … эмес, … кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм.<br>…жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>…болсо, … болот.<br>Сиз кандай дейсиз?<br>Сиздин оюңуз кандай?<br>Сиздин көз карашыңыз кандай?<br>**Ал эми сиздики боюнча кандай?** |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| **10. Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы.**<br>Жаратылыш кырсыктары. Жаратылышка аяр мамиле. | **1. Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>аңгемелешүүчүнүн кандайдыр бир аракетти аткаруусун пайда кылуу, өтүнүчтү, кеңешти билдирүү, сунуштоо, каалоо, талап кылуу, буйрук берүү, көрсөтмө берүү; каалоосуна таасир этүү.<br>**2. Маалыматтык интенциялар:**<br>фактылар жана окуялар жөнүндө маалыматтарды суроо, шарттар, максаттар, себептер, натыйжалар жөнүндө маалымат суроо; мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо; толуктоо, түшүндүрүү, тактоо, сурамжылоо, түшүндүрүү ж.б.<br>**3. Баалоочу интенциялар:**<br>каалоосун билдирүү, керектөө, ниеттенүү, жогору баалоо, кабардар болуу; моралдык-этикалык баасын билдирүү жана түшүндүрүү: колдоо, айыптоо, мактоо, жемелөө, уяткаруу; социалдык-укуктукбааны билдирүү жана түшүндүрүү: актануу, коргоо, айыптоо; | **Угуу**<br>Кыргызстандын тоо кыркалары, жаратылыш кырсыктары, жаратылышка аяр мамиле жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br>Диалог<br>Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына төмөндөгү кырдаалдарда туура жооп кайтарат: «Тоодо», «Токойдо», «Жаратылышта».<br>Жаратылыш жөнүндө, абанын булганышы, климаттык өзгөрүүлөр, планетадагы мөңгүлөрдүн эриши жөнүндө расмий жана расмий эмес кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>Монолог<br>Адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү көйгөйлөрүн талкуулоодо өз оюн билдирет;<br>Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет;<br>Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын темасына ылайык өз алдынча монолог курат.<br>**Окуу**<br>Кыргызстандын ажайып жерлери, Кыргызстандын тоо кыркалары, Кыргызстандын пайдалуу кендери, жаратылыш кырсыктары, жаратылышка аяр мамиле жөнүндө публицистикалык тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. | **Морфология**<br>Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар<br>Анын ичинен 300дөй илбирс Кыргызстандын аймагын байырлайт. Алардын да саны жылдан жылга **азайып** баратат. Ак илбирс жайы-кышы мөңгүлөргө жакын тоолор менен токойлордо жашайт. Өтө сейрек кездешүүчү илбирс Тянь-Шань тоолорун мекендейт. **Жок болуп бараткан** ак илбирстерди коргоо керек. Форумда бул маселеге жергиликтүү жана дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн бурдуруу маселелери талкууланды.<br>Үйүнө келсе, энеси катуу **ооруп** төшөктө **жатып** калган болот. Эненин оорусу күн сайын **күчөп**, өңүнөн **кетип саргайып**, күндөн-күнгө **арыктап, кичирейип** калат. Уулу атасынын кеңеши боюнча бир дарыгерди **таап** келет. Дарыгер кемпирдин тамырын **көрүп**: – Бул ооруга бир гана дары бар, ал – мүрөктүн суусу, ошону ичирсең энең айыгат, – дейт. Аны көп жерди **кыдырып**, бир булактан табарын айтат. | • Менин мекеним Кыргызстан!<br>• Кыргызстандын борбору – Бишкек<br>• Кыргызстандын жаратылышы кооз.<br>• Кыргызстанда 7 облус бар<br>• Кыргызстан тоолуу өлкө<br>– Менин шаарым (айылым) … (аталышы) .<br>– Менин шаарым (айылым) (кандай ?) … (алдыңкы, өнөр жайлуу, маданий борбор)<br>– Менин шаарымда (айылымда) (кандай тарыхый кооз жерлер бар?) … (борбордук көчөлөр, эстеликтер, театрлар ж.б.)<br>Теңир тоо – асман тиреген тоо дегенди билдирет.<br>– Мен Кыргызстан асман тиреген тоолордун өлкөсү деп ойлойм, анткени … .<br>– Кыргызстанга туристтер көп келишет, себеби … – Мен сизге Кыргызстандын … көрүүнү сунуштайт элем, анткени … .<br>– Эгерде кыргыздын Ала-Тоосуна барсаңар, ал жактан …, …, …, көрөсүңөр.<br>– Эгерде Бурана мунарасын көрүүнү тандасаңыздар, өкүнбөйсүздөр, анткени … .<br>– Таш-Рабат тарыхы сиздерди абдан кызыктырат, себеби … .<br>– (эмне)(эмнеден) эмнеси менен/кантип айырмаланат. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | Андагы негизги, кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт.<br>Тексттердеги теманы жана идеяны аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Жаратылыш кырсыктары, жаратылышка аяр мамиле жөнүндө сүрөттөмө текст формасында маалымдайт.<br>Кеңеш, сунуштарды билдирет. Ой жүгүртүү формасында текст жазат.<br>Сүрөттөмө формасында жарнак фильм үчүн, буклет үчүн текст жазат.<br>Өлкөдө жүрүү үчүн унаанын оптималдуу түрү жөнүндө ой жүгүртүү формасында текст жазат.<br>Белгилүү жерлер, ажайып кооз жайлар менен байланышкан уламыштарды баяндоо-текст формасында баяндайт. | | |
| **11. Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология**<br>Кыргызстан – менин мекеним. Көп улуттуулук – көп маданияттуулук. Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги | **Маектешүүчүгө иш-аракет жасоого түрткү берүү:** сураныч билдирүү; каало-о-тилек билдирүү; сунуш берүү, кеңеш айтуу; талап кылуу; буйрук кылуу;<br>**Маектешүүчүнүн иш-аракетине реакция кылуу:** уруксат берүү; тыюу салуу; каршы болуу; арсар болуу; убада берүү; ишендирүү; кепилдик берүү;<br>**Баалоочу интенциялар:** уяткаруу; мактоо; айыптоо; | **Угуу**<br>Төмөнкү темалар жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат:<br>• Жер планетасы;<br>• Жаратылыш жана адам;<br>• Экология;<br>• Климаттык глобалдык өзгөрүүлөр<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>Маектешүүчүнүн айткандарын түшүнөт жана анын айткандарына адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү көйгөйлөрүнө байланыштуу кырдаалдарда туура жооп кайтарат. | **Синтаксис**<br>**Сүйлөм мүчөлөрү**<br>Баш мүчөлөр<br>Айкындооч мүчөлөр<br>Кыргызстандын **жаратылышы (эмнеси?)** абдан кооз жана кайталангыс.<br>Мындай сонун асыл (кандай?) тоолор башка жакта жок.<br>Пайдалуу **кендерди** (эмнелерди?) түрдүүчө казып алышат.<br>Келген туристтер (кимдер?) биздин экономикабызга чоң салым кошуп жатышат.<br>Себеби мен улуттук маданиятка көп кызыгам (эмне кылам?). | Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, … чыгар.<br>Сиз … кылсаңыз!<br>Сен/сиз … кылыш + ың/+ ыңыз керек.<br>Сен/сиз … эмес, … кылыш + ың/ + ыңыз керек.<br>Бул жакшы эмес деп ойлойм.<br>…жакшы эмеспи, кандай дейсиз?<br>…болсо, … болот.<br>Сиз кандай дейсиз?<br>Сиздин оюңуз кандай?<br>Сиздин көз карашыңыз кандай?<br>Мен сиздин оюңузга кошулам, анткени … .<br>Мен сиздин оюңузга кошулбайм, анткени … .<br>…кеңеш берем. |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| | | «Кыргызстанда» кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт;<br>Монолог<br>Көп улуттуулук – көп маданияттуулук. Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги көйгөйлөрүн талкуулоодо өз оюн билдирет;<br>**Окуу**<br>Мекени, көп улуттуулук, көп маданияттуулук, элдин биримдиги, мамлекеттин бекемдиги жөнүндө илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт.Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт. Мекени, көп улуттуулук, көп маданияттуулук, элдин биримдиги, мамлекеттин бекемдиги жөнүндө тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>Өз таасирленүүсүн кошуп, мекенин сүрөттөө текстин жазат.<br>Көп улуттуулук, көп маданияттуулук, элдин биримдиги жөнүндө ой жүгүртүү текстин жаратат. | Кыргызстан (эмне?) – экологиялык жана этнографиялык туризмди сүйүүчүлөр үчүн кызыктуу өлкөлөрдүн бири. | …кылсаң жакшы болот деп ойлойм.<br>…ушинтсең болот.<br>Унутпа!<br>…жакшы болмок/…болот эле.<br>Кыргызстандын кен байлыктары өлкөгө пайда алып келет, ошондуктан … .<br>Кен байлыктарды иштетүү … алып келет деп ойлойм, анткени … .<br>Эгерде биз … ойлосок, анда …-уу керек. |
| **12. Адам баласынын руханий өнүгүүсү.** | **Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>• маекке катыша билүү;<br>• маекке демилгечи болуу;<br>• маекти кубаттоо;<br>• маектин багытын/темасын өзгөртүү; | **Угуу**<br>Адам баласынын руханий өнүгүүсү, сүйүктүү китептер, билим берүү системасы, орто жана жогорку билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат. | **Синтаксис**<br>**Сүйлөм мүчөлөрү**<br>Баш жана айкындооч мүчөлөр<br>**Аныктооч.**<br>**Кандай?**<br>Алар **жумшак ылай** тактага учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди жазышкан. | Менин билишимче, …<br>Мен … деп ойлойм/эсептейм/билем.<br>Негизгиси – …<br>Мисалга алсак,<br>…жакшы мисал болуп бере алат.<br>Жыйынтыктаганда, …<br>Сөзүмдүн аягында… |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| Окуунун маанилүүлүгү жана баалуулугу. Менин сүйүктүү китептерим. Жогорку окуу жайлары. Адамдын жашоосундагы тилдердин ролу | • сүйлөшүү кырдаалына жараша маекти адекваттуу бүтүрүү;<br>• адамдын көңүлүн буруу;<br>• өзүн жана башкаларды сүйлөшүү кырдаалына жана кептик этикетке ылайык тааныштыра билүү;<br>• ыраазычылык билдирүү; | **Сүйлөө**<br>Диалог<br>Кырдаалдар боюнча маектешүүчүнүн айтканынын мазмунун түшүнөт, туура жооп кайтарат. Берилген кырдаалдарда маектешүүнү демилгелейт.<br>Монолог<br>Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет.<br>Алынган маалыматтын мазмунун айтып берет жана өз оюн билдирет; Сабактын темасына ылайык өз алдынча билдирүү даярдайт.<br>**Окуу**<br>Окуунун маанилүүлүгү жана баалуулугу, жогорку окуу жайлары, адамдын жашоосундагы тилдердин ролу жөнүндө илимий-популярдуу тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>«Билимге бай адам», «Кыргыз элим – байлыгым», «Окуунун маанилүүлүгү жана баалуулугу» ой жүгүртүү эссе жазат. Университет жана окууга өтүүнүн талаптары жөнүндө белгилүү маалыматтын негизинде билдирүү даярдайт (досуна кат, сайтка маалымат, буклет жазуу, ж.б.)<br>**Угуу**<br>Дүйнөнү санариптештирүүнүн аталары Билл Гейтс, Стив Джобс, | Кимдин?<br>**Балдардын** жакшы шарттарда өсүшүн каалайбыз.<br>**Толуктооч**<br>**Эмнени?**<br>Алгачкы **китепти** вавилондуктар, ассириялыктар жасашкан.<br>Өкмөт **билим берүүнү** өнүктүрүүнү колго алып жатат.<br>**Кимди?**<br>**Балдарды** ата-энеси бапестеп өстүрөт.<br>**Бышыктооч**<br>**Кайда?**<br>Ал эми **Кытайда** алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактайлар түрүндө болгон. | Кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги максатым – … .<br>Биринчиден, … .<br>Экинчиден, … деп ойлойм. Ал эми орус тилин билүү менен … .<br>Мага … сайты жакты. Анткени … .<br>Башка тилди тез үйрөнүш үчүн:<br>Биринчиден, сайтын … . Анткени … .<br>Экинчиден, сайтын … . Анткени … .<br>Үчүнчүдөн, сайтын … . Анткени … .<br>Менин тил үйрөнүүдөгү негизги максатым …, анткени … . |

| Тема | Кептик интенциялар | Кептик көндүмдөр | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, предметтердин жана нускамалардын атайын терминдери |
|---|---|---|---|---|
| **13. Санариптештирүү.**<br>Дүйнөнү санариптештирүүнүн аталары.<br>Кыргызстандагы санариптештирүү.<br>Социалдык тармактар | **Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>• маекке демилгечи болуу;<br>• маекти кубаттоо;<br>• маектин багытын/темасын өзгөртүү;<br>• сүйлөшүү кырдаалына жараша маекти адекваттуу бүтүрүү;<br>• адамдын көңүлүн буруу;<br>• өзүн жана башкаларды сүйлөшүү кырдаалына жана кептик этикетке ылайык тааныштыра билүү;<br>• ыраазычылык билдирүү;<br>**Моралдык-этикалык баасын билдирүү жана түшүндүрүү:**<br>колдоо,<br>айыптоо,<br>мактоо. | Кыргызстандагы санариптештирүү, социалдык тармактар жөнүндө,кесиптик даярдоодогу тилдин ролу жөнүндө монологдук жана/же диалогдук тексттеги маалыматты угуп кабыл алат.<br>**Сүйлөө**<br><u>Диалог</u><br>Социалдык тармактарда ар кандай форумдарга катышуу, скайп боюнча видеоконференцияларды өткөрүү жөнүндө маектешүүчүнүн айтканынын мазмунун түшүнөт, туура жооп кайтарат, маектешүүнү демилгелейт.<br><u>Монолог</u><br>Санариптештирүү темасында ой жүгүртүү текстин түзөт.<br>**Окуу**<br>Санариптештирүү, социалдык тармактарда пикир алмашуу жөнүндө илимий-популярдуу, публицистикалык жана көркөм тексттерди коммуникативдик көрсөтмөнү эске алуу менен окуп түшүнөт. Андагы негизги, ошондой эле кошумча маалыматты бөлүп көрсөтөт, тексттердин негизги темасын жана идеясын аныктайт.<br>**Жазуу**<br>«2019-жыл – Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» ой жүгүртүү формасындагы текст түзөт.<br>Санариптештирүү менен байланышкан жашоодогу окуяны баяндоо формасындагы текст жазат. Чет тилин оңой үйрөнүүгө карата сунушун билдирет. | **Синтаксис**<br>**Сүйлөм мүчөлөрү**<br>**Баш мүчөлөр**<br>**Айкындооч мүчөлөр**<br><u>Өлкөнү санариптештирүү коррупциялык элементтерди жок кылат.</u><br>«Коопсуз шаар» жана «Коопсуз жол кыймылы» долбоорлору ишке ашырылат.<br>«Түндүк» электрондук системасы аркылуу 189 кызмат көрсөтүү санарип форматына өткөрүлөт.<br>Эгерде окуганды жакшы көрсөңүз анда **www.alexa.com сайтына** кирип, өлкөдө болуп жаткан ар кайсы тармактагы кызыктуу кабарларды жана маалыматтарды окуп турсаңыз болот. **Duolingo** – тил үйрөнүүнү оюнга айландырган программа. Акылдуу телефонуңузга же планшетиңизге жүктөп алып, коомдук жайларда, унааларда, бирөөнү күтүп турганда, бош убактыңызда ж. б. бардык учурда оюн ойногончо тил үйрөнсөңүз болот. **Babbel** – дээрлик көпчүлүк тилдерде колдонулган 2000ге жакын сөз камтыган, сүрөттөрү жана аудио форматтары бар программа. Жаттаган жаңы сөздөрдүн узак мөөнөттүү болушун камсыз кылат. Сөздөрдүн туура айтылышын да үйрөнө аласыз. **Forvo** – сөздөрдүн аудио форматтарын камтыган дүйнөдөгү эң чоң база. | Ийгиликке жетүү үчүн компьютерди үйрөнүү зарыл. Анткени … .<br>Компьютерди үйрөнүү үчүн:<br>Биринчиден … -ыш керек,<br>Экинчиден … -ыш керек,<br>Үчүнчүдөн … -ыш керек.<br>Мен … деп ойлойм, анткени...<br>Айрымдар … дешет, бирок...<br>Мен … деп ойлойм.<br>Компьютер үйрөнүү эмне үчүн керек:<br>• Саякат<br>• Дүйнөлүк маданият менен таанышуу<br>• Дүйнөлүк башка окуяларды түшүнүү<br>• Интернетте баарлашуу<br>• Илимий изилдөөлөр<br>• Кесиптик байланыш<br>• Ишкердик жүргүзүү<br>• Чет мамлекетте окуу |

## 2.4. БОЛЖОЛДУУ КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ (ЖАҢЫ ОКУУ КИТЕПТЕРИ БАСЫЛЫП ЧЫККАНГА ЧЕЙИН) СУНУШТАЛАТ.

**10-класс үчүн кыргыз тили боюнча**
**Календардык-тематикалык пландаштыруу (болжолдуу)**
**(жумасына 3 саат – жыл бою 102 саат)**

| № | Кептик тема | Сааты | Грамматикалык материал | Мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1-чейрек (27 саат)** | | | | |
| 1 | **Үй-бүлө. Ата-эне, бир туугандар**<br>Үй- бүлөдөгү тарбия. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери. Үйдөгү күндөлүк турмуш. Эне – үй-бүлө куту. | 7 | Атама сүйлөм.<br>Жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр.<br>Толук жана кемтик сүйлөмдөр. | | |
| 2 | **Адам жана анын жеке жашоосу. Мүнөздөр**<br>Менин балалыгым. Менин ийгиликтерим. Менин кичи Мекеним. Мекениме кошуучу салымым. | 7 | | | |
| 3 | **Иш. Кесип. Иш күнү**<br>Мен келечекте ким болгум келет? Кесибин сүйгөн атактуу инсандар. Ийгиликке жетүү. | 7 | | | |
| 4 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 6 | | | |
| | **2-чейрек (22 саат)** | | | | |
| 1 | **Эс алуу. Саякаттоо**<br>Кыргызстандагы эс алуучу жайлар. Жайлоодогу керемет. Кыргызстанга саякаттоо. Туризм. Саякатчылар үчүн жарнак. | 8 | Татаал сүйлөм.<br>Тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм.<br>Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр. | | |
| 2 | **Бош убакыт. Кызыгуулар**<br>Бош убакытты кантип өткөрөбүз? Спорттун түрлөрү. Кыргыз элинин улуттук оюндары. Спорт биздин жашообузда. Белгилүү спортчулар. Улуттук суусундуктар.Майрамдар. Бата берүүнүн түрлөрү. | 8 | | | |
| 3 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 6 | | | |

| № | Кептик тема | Сааты | Грамматикалык материал | Мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| **3-чейрек (32 саат)** | | | | | |
| 1 | **Адам жана коом**<br>Адам укуктары. Социалдык көйгөйлөр. | 6 | Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү. | | |
| 2 | **Адам жана экономика. Соода-сатык**<br>Айыл чарба иштери. Чакан ишканалар. | 6 | | | |
| 3 | **Адам жана илим. Ден-соолук**<br>Белгилүү илимпоздор. Саламаттыкты сактоо ишмерлери. Дени сак сергек жашоо. | 6 | | | |
| 4 | **Адам жана искусство**<br>Музыка. Кыргызстандагы опера жана балет. Таалайга бүткөн улуу бийчи (Б. Бейшеналиева). Обондору оболоогон Рыспай Абдыкадыров. | 6 | | | |
| 5 | **Өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 8 | | | |
| **4-чейрек (21 саат)** | | | | | |
| 1 | **Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы**<br>Суу – өмүрдүн булагы./Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор. | 3 | Төл жана бөтөн сөз.<br>Тике жана кыйыр сөз. | | |
| 2 | **Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология**<br>Биздин өлкөнүн байлыктары. Ысык-Көлдүн куту жана куну. (Ч. Айтматов) Жашылдандыруу. Мен жашаган шаар/айыл. | 3 | | | |
| 3 | **Адам баласынын руханий өнүгүүсү**<br>Улуттук баалуулуктар. Билим алуу – ийне менен кудук казгандай. Улуу сөз зергери – Жусуп Баласагын. | 5 | | | |
| 4 | **Санариптештирүү**<br>Интернет менин жашоомдо. Интернеттин оң жана терс жактары. Кыргызстандагы санариптик. | 6 | | | |
| 5 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 4 | | | |

**11- класс үчүн кыргыз тили боюнча**
**Календардык-тематикалык пландаштыруу**
**(жумасына 4 саат – жыл бою 136 саат)**

| № | Кептик тема | Сааты | Грамматикалык материал | Мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1-чейрек (36 саат)** | | | | |
| 1 | **Үй- бүлө. Ата-эне, бир туугандар. Өмүр баян**<br>Өзү тууралуу билдирүү. Өмүр баян жазабыз. Энеге миң алкыш аз. Үй-бүлө бекемдиги – мамлекеттин бекемдиги. Үй-бүлө куруудагы жоопкерчилик. | 9 | Кептин стилдери.<br>Кептин түрлөрү.<br>Иш кагаздары. | | |
| 2 | **Адам жана анын жеке жашоосу**<br>Жашоодо эмнеге умтулуу керек. Жашоодо максат коюу маанилүү. Биз жашаган жердин тарыхынан. | 9 | | | |
| 3 | **Иш. Кесип**<br>Кесип тандоодогу өзгөчөлүктөр. Түрдүү кесип ээлери. Мен келечекте ким болгум келет? Келечектин кесиптери. | 9 | | | |
| 4 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 9 | | | |
| | **2-чейрек (30 саат)** | | | | |
| 1 | **Эс алуу. Саякаттоо**<br>Кыргызстандын табышмактуу жерлери. Маданий жерлердин тарыхынан. Кыргызстанга келген саякатчылар жана изилдөөчүлөр | 10 | Лексика.<br>Архаизм. Историзм. Неологизмдер.<br>Антоним. Синоним. Омоним.<br>Диалектилер.<br>Фразеологизмдер.<br>Макал-лакаптар | | |
| 2 | **Бош убакыт. Кызыгуулар**<br>Көчмөн оюндары (жамбы атыш, салбуурун, куш салуу, көк бөрү ж.б.). Улуттук тамак-аштар. Саяпкердик. Мүнүшкөрлүк. | 10 | | | |
| 3 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 10 | | | |
| | **3-чейрек (42 саат)** | | | | |
| 1 | **Адам жана коом. Социалдык маселелер**<br>Жарандык жоопкерчилик. Жумушсуздук көйгөйлөрү, аны чечүүдөгү атуулдук көз караш. | 6 | Морфология.<br>Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар. | | |
| 2 | **Адам жана экономика. Соода-сатык**<br>Өнөр – жай, ресурстар. ЕАК. | 7 | | | |

| № | Кептик тема | Сааты | Грамматикалык материал | Мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | **3-чейрек (42 саат)** | | | | |
| 3 | **Адам жана илим. Ден соолук**<br>Белгилүү тилчи, окумуштуу (К. К. Юдахин). Белгилүү түркolor. (Радлов). Белгилүү хирург – И. Ахунбаев. Миталип Мамытов – Кыргыз эл баатыры | 7 | Морфология.<br>Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар. | | |
| 4 | **Адам жана искусство**<br>С. Чокморов – актёр, сүрөтчү. Ак кууну көрсөң атпай жүр (Т. Турсунбаева). Улуу актриса (Сабира Күмүшалиева), Саякбай Каралаев – улуу манасчы. Чыңгыз Айтматов – алп жазуучу. | 7 | | | |
| 5 | **Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы**<br>Жаратылыш кырсыктары. Жаратылышка аяр мамиле (Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повести боюнча) | 7 | | | |
| 6 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 8 | | | |
| | **4-чейрек (28 саат)** | | | | |
| 1 | **Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология**<br>Кыргызстан – менин мекеним. Көп улуттуулук – көп маданияттуулук. Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги. | 7 | Синтаксис.<br>Сүйлөм мүчөлөрү. | | |
| 2 | **Адам баласынын руханий өнүгүүсү**<br>Билим алуу – ийне менен кудук казгандай. Менин сүйүктүү китептерим. Окуунун маанилүүлүгү жана баалуулугу. Жогорку окуу жайлары. Адамдын жашоосундагы тилдердин ролу. | 7 | | | |
| 3 | **Санариптештирүү**<br>Дүйнөнү санариптештирүүнүн аталары (Билл Гейтс «Microsoft», Стив Джобстун (Apple) мисалында). Кыргызстандагы санариптештирүү. Социалдык тармактар. | 7 | | | |
| 4 | **Текшерүү, өз алдынча иштер**<br>Тесттер (лексика-грамматика, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктар) менен иштөө. Угуу, окуу, жазуу иштери. | 6 | | | |

# 3. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым-катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн-өзү, коомду, дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата туура көз караштары калыптанат жана түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.

Интерактивдүү окутууга жекече иштөө, жупта иштөө, чакан топто иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары:

- Окуучулар өздөрүн эркин сезип, «Туура эмес жооп берип алам» деген коркунучтан арылышат;
- Ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;
- Жекече, жупта, топто, тайпада иштөөгө үйрөнөт;
- Өз ара жана мугалим менен тыгыз карым-катнашта пикир алыша алат;
- Сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
- Өз ара тажрыйба алыша алат, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
- Мугалим багыт берип, колдоо көрсөтүүчү ролдо болот, окуучу өз алдынчалуулукка ээ болот.

## 3.2. КЕПТИК ИНТЕНЦИЯЛАРДЫ КАМТЫГАН ТАПШЫРМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ

**Кептик айтылыштардын мотивинин жүрүү формасы**

Коммуникативдик тапшырма кеп ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө маалыматты берүү жана алуу зарылчылыгында пайда болот. Муну кептик жана кептик эмес аракеттердин жардамы менен чечүү мүмкүн.

Коммуникативдик тапшырма баарлашуунун түрдүү сферасында ишке ашат: окуу-кесиптик, турмуштук, социалдык-маданий, ишкердик ж.б.

Кептик интенция – (лат. *intentio* – умтулуу, ниеттенүү). Сүйлөөчүнүн кандайдыр бир коммуникативдик маанилүү ойду билдирүү ниети. Кептик интенциялар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- байланыш түзүүчү (аңгемелешүүнү демилгелөө, сүйлөшүүнүн темасын өзгөртүү ж.б.),
- жөнгө салуучу (аңгемелешип отурган кишинин кандайдыр бир аракетке каалоосун ойготуу, жактыруу),
- маалыматтык (маалыматтын аныктыгын, чындыгын баалоо),
- баалоочу (эмоционалдык бааны: канааттанууну, кызыгууну билдирүү жана түшүндүрүү).

Белгилүү бир коммуникативдик милдеттерди чечүүдө окуучулар төмөнкү интенцияларды сөз менен ишке ашыра билиши керек:

**Байланыш түзүүчү интенциялар**

- коммуникацияга чыгуу, аңгемелешүүнү демилгелөө,
- аңгемелешүүнү колдоо, аңгемелешүүнүн темасын (багытын) өзгөртүү, аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрүү;
- саламдашуу, көңүлдү өзүнө тартуу,
- өзүн тааныштыруу, башка бирөөнү тааныштыруу, аңгемелешүүчүлөрдүн социалдык ролдоруна ылайык коштошуу;
- ыраазычылык билдирүү, кечирим суроо,
- куттуктоо, көңүл айтуу,
- ийгилик каалоо, кептик этикеттин эрежелерине ылайык чакыруу;

**Жөнгө салуучу интенциялар**

- аңгемелешүүчүнүн кандайдыр бир аракетти аткаруусун пайда кылуу, өтүнүчтү, кеңешти билдирүү, сунуштоо, каалоо, талап кылуу, буйрук берүү,
- көрсөтмө берүү;
- каалоосуна таасир этүү, макулдугун/макул эместигин билдирүү, уруксат берүү, тыюу салуу, каршы болуу, күмөн саноо, убада берүү, күбөлөндүрүү, кепилдик берүү, үмүттөндүрүү;

**Маалыматтык интенциялар**

- фактылар жана окуялар жөнүндө маалыматтарды суроо, шарттар, максаттар, себептер, натыйжалар жөнүндө маалымат суроо;
- мүмкүнчүлүк, аныктык, зарылдык жөнүндө маалымат суроо; ошондой эле: толуктоо, түшүндүрүү, тактоо, сурамжылоо, түшүндүрүү ж.б.

**Баалоочу интенциялар**

- каалоосун билдирүү, керектөө, ниеттенүү, жогору баалоо, пикир, божомолдоо, кабардар болуу;
- моралдык-этикалык баасын билдирүү жана түшүндүрүү: колдоо, айыптоо, мактоо, жемелөө, уяткаруу;
- социалдык-укуктук бааны билдирүү жана түшүндүрүү: актануу, коргоо, айыптоо;
- рационалдык бааны билдирүү жана түшүндүрүү: стандарт, норма менен салыштыруу, бүтүндүгүн, майнаптуулугун, мүмкүндүгүн/ мүмкүн эместигин, шектүүлүгүн ж.б.;
- эмоционалдык бааны билдирүү жана түшүндүрүү: артыкчылыгын айтуу, канааттануу/канааттанбоо, таң калуу, кызыгуу, көңүл коштук, суктануу, капалануу, кыжырдануу, айырмасы жоктук, жайгашуу/жайгашпоо, кызыгуу, коркунуч, тынчсыздануу, коркуу, үмүттөнүү.

**Коммуникативдик тапшырмалардын айрым мисалдары:**

- Класска сенин курдашың келди. Ал кыргыз тилинде гана сүйлөйт. Андан атын, жашаган жерин, жашын, үй-бүлөсүн сура. Өзүң жөнүндө, башка теңтуштарың жөнүндө айтып бер. Квартираңды, үйүңдү, короонду сүрөттөп бер. Сүрөттөрүңдү көрсөтүп, аларды комментарийлеп бер.
- Сен курдаштарыңдыкында коноктосуң, алар кыргыз тилинде гана сүйлөшөт. Алардан квартирасын, үйүн, фотоальбомун көрсөтүүсүн сура. Квартираны жыйноого, сатып алууларга өзүңдүн жардамыңды сунушта. Барууну, карап көрүүнү каалай тургаңыңды айт.
- Үйүңдө коноктор бар. Аларга колун жууну сунушта, чай, кофе же башка тамак сунушта.
- Досуңду театрга, киного чакыр.
- Досуңдун туулган күнү. Аны куттукта, куттуктоо жаз, белек бер.
- Өзүңдүн шаарыңдагы маданий баалуулуктарды баяндап бер. Жолду түшүндүр. Жолду көрсөтүүнү суран.
- Өзүңдөн чоң адамга, досуңа жолугуп калдың, алар менен саламдаш. Ден соолугун, ишин сурап, туура кайрыл.
- Сизден сиз билбеген адамга бир нерсени берип коюуну өтүнүштү. Ага телефон аркылуу байланышып, жолугушууну белгилегиле, өзүңөрдүн сырткы көрүнүшүңөрдү сүрөттөгүлө, анын көрүнүшү кандай экендигин сурагыла.
- Досуңуз сизден өзүнүн кичүү иниси менен отуруп турууңузду суранды. Сиз аны менен паркка сейилдеп чыгып, анын бир жакка басып кеткенин байкабай калдыңыз. Ошол жерде жүргөндөрдөн баланы көргөн-көрбөгөнүн сурагыла, анын сырткы көрүнүшүн сүрөттөп бергиле.
- Сиз досуңузга аны менен бирге театрга баруу үчүн жолугушуңуз керек эле, бирок кокусунан ооруп калдыңыз. Башка досуңуздан театрдын жанына барып, театрга чогуу баруучу досуңузду таап, билетти ага берип коюуну сураныңыз. Анын сырткы көрүнүшүн сүрөттөп бериңиз.
- Сиз мурда такыр көрбөгөн адам менен жолугушууну макулдашып жатасыз. Ал жолугушууда сизди таба алыш үчүн ага телефон аркылуу өзүңүздү сүрөттөп бериңиз.
- «Сиз кинорежиссёрсуз жана Кыргызстан жөнүндө тарыхый фильм тартып жатасыз. Роль аткаруу үчүн актёрлорду издеп жатасыз: 1) кыргыз сулуусун, 2) кыргыз канын, 3) айылдык баланы. Бул каармандарды кандайча көрсөтөсүз?»

## 3.3. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Негизги мектеп үчүн окутуу программасынын жалпы бөлүгү баалоону «окуучунун өнүгүүсү жөнүндө маалыматты системалуу чогултуу, ал маалыматты талдоо жана кайтарым байланыш берүү» катары аныктайт. Баалоо окуучунун өнүгүүсүн колдойт, андан ары билим алуу жолдорун тандоого жардам берет,

жеке натыйжаларын коррекциялайт, окуучуну кийинки класска көчүрүүгө негиз түзөт. Окуучу баалоонун тартиби жөнүндө жана өзүнүн баалары жөнүндө маалымат алып туруу укугуна ээ.

Калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо деп айырмаланат. Калыптандыруучу баалоо – окуучуга окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына канчалык ийгиликтүү бара жатканы жөнүндө маалымат берген окутуу процесси жүрүп жаткан кездеги баалоо. Жыйынтыктоочу баалоо окутуунун ушул этабында мамлекеттик программада каралган натыйжаларга канчалык деңгээлде жетишкенин чагылдырат.

Баалоонун формалары менен методдору көп түрдүү. Кыргыз тилин экинчи тил катары окуп-үйрөнүү боюнча билимдерин жана көндүмдөрүн баалоонун натыйжалары санариптик баа менен беш упайлык системада, ошондой эле сөз жүзүндө да болушу мүмкүн. Жогорку класстарда жыйынтыктоочу баалоодо баа санариптик эквивалент менентак чагылдырылышы керек.

Кыргыз тилин окутуу окулуп жаткан материалды бара-бара, акырындык менен татаалдаштырып отурууну карайт. Бардык тапшырмалар, анын ичинде текшерүү иштер менен чыгармачыл иштер, класстан класска карай татаалдашат, аларды баалоо окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды дифференциацияланат. Коммуникативдик принцип окуучунун дискуссияларга, өз оюн аргументтештирүүгө активдүү катышуусун талап кылат. Окуучу үчүн сабак учурунда алган баа кийинки билим алууну улантуусуна, кесиптик тандоосуна карата туура чечим кабыл алууга багыттайт. Өз жообун өзү баалай алуу, башкалардын жообун баалай билүү сыяктуу көндүмдөр калыптандырылыш керек. Мында сөз жүзүндө кенен-кесири баалоо окуучуну өз айткандарын аргументтештирүүгө үйрөтөт.

Жогорку класстарда окуучулардын кыргыз тилден алган билимдерин баалоо оозеки жооптордун жана жазуу иштердин негизинде жүргүзүлөт. Предметтик стандартта каралган күтүлүүчү натыйжаларга ылайык билимдери жана көндүмдөрү критерийлер менен бааланат. Мугалим кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн баалайт:

**Сүйлөө**

Окуучунун толук жообу белгилүү бир темагабайланыштуу,ырааттуу билдирүү катары болуш керек, окуучунун конкреттүү учурда кайсы бир эрежелерди колдоно билерин көрсөтүш керек.

Сүйлөгөнүн баалоодо төмөнкү критерийлерди колдонуу керек:

- ар кандай деңгээлде текстти кыскартып айтып бере алуусу;
- көйгөйдү таап, өз пикирин нагиздеп, корутунду чыгара алуусу;
- коммуникативдик кырдаалды эске алуу менен монологдук жана диалогдук формада оозеки кеп жаратуусу, ошондой эле кебинде тилдик каражаттарды туура колдоно алуусу;
- адабий тилдин нормаларын сактоосу;
- кептик жүрүм-турумдун маданиятына ээ болуусу.

**Окуу**

Окуп түшүнүүсүн баалоодо төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алуу керек:

- түрдүү стилдик багыттагы тексттердин темасын жана тексттеги негизги ойду аныктай алуусу;
- окуганда далилдер менен пикирлерди, негизги жана негизги эмес маалыматты бөлүп көрсөтө алуусу;
- татаалдаштырылган таблицаларды, диаграммаларды, схемаларды окуй алуусу жана өз текстин даярдоодо аларды колдоно алуусу;

**Угуу**

Угуп түшүнүүсүн баалоодо төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алуу керек:

- түрдүү жанрдагы тексттерди максаттуу угуп кабыл алуусу;
- укканынын негизинде тексттеги маанилүү маалыматты, көйгөйдү бөлүп көрсөтө алуусу;
- укканын баалай алуусу, кеп болуп жаткан предмет жөнүндө өз пикирин айта алуусу;
- аудиотексттин негизинде тапшырмаларды аткара алуусу.

**Жазуу**

Жазганын баалоодо төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алуу керек:

- көйгөйдү билдирип, өз пикирин жаза алуусу;
- ой жүгүртүү дилбаянын, сүрөттөмө мүнөздөгү дилбаян жаза алуусу;
- изилдөөчүлүк мүнөздөгү ишти баяндап жаза алуусу;
- үйрөнгөн сөздөрүн сабаттуу жаза алуусу, тыныш белгилерин туура коё алуусу.

Баалоо окуучуга анын ийгиликтери менен кемчиликтерин көрсөтүп гана турбай, анын андан ары окууну каалоосун жандандырып, өз үстүнөн иштөөсүн улантууга дем берет. Баалоодо баланын жеке өзгөчөлүктөрү, анын өсүү динамикасы, активдүүлүгү, сабактагы ишке катышууга каалоосу эске алынат.

# 4. МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШТАЛУУЧУ ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК АДАБИЯТТАР


1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5–9-класстары үчүн окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин кыргыз тили боюнча предметтик стандарт
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы. Бишкек, 2012.
3. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин 5–9-класстары үчүн кыргыз тилинин программасы. Соңку редакциясы, 2018-ж. түзүүчүлөр: С.К. Рысбаев, Н.С. Жусупбекова, А.А. Оморова.
4. Оморова А.А., Жусупбекова Н.С., Булатова В.А., Ибраимова Р.Ү. «Кыргыз тили: Практикалык курс». Мугалимдер үчүн колдонмо. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын мугалимдери үчүн – Бишкек: «Аркус», 2019.
5. PISAнын изилдөөлөрү тууралуу ОУББББ (ЦООМО) маалымкаты – 2006.-Бишкек, 2008.–220 бет.
6. Кыргызстандагы окуучулардын билим берүү жетишкендиктерин улуттук баалоо http://testing.kg/ru/nashi-proekty/noodu/nacionalnoe-ocenivanie-obrazovatelnyh-dostizhenij-uchaschihsja-v-kyrgyzstane.html
7. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун бюджеттик жана акы төлөнүүчү орундарына тапшыруунун жана жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары. Бишкек, 2017.– 96 бет.
8. Жалпы республикалык тестке даярдануу үчүн чыгарылган акысыз китепчелер
9. ЖРТга даярдануу үчүн видео сабактар
10. Асмолов А.Г. Как проектировать универсальные учебные действия: от действия к мысли/Под ред. Зимняя И.А. Развитие речи как формирование умения решать коммуникативные речевые задачи/ И.А. Зимняя, Т.С. Путиловская.– М., 1998.
11. Китайгородская Г.А. Интенсивное обучение иностранным языкам: теория и практика.– М.: Русский язык, 1992.
12. Коряковцева Н.Ф. Теория обучения иностранным языкам: продуктивные образовательные технологии/Н.Ф. Коряковцева.– М.: Академия, 2010.
13. Леонтьев А.А. Язык, речь, речевая деятельность. М., «Просвещение», 1969.
14. Пассов Е.И. Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению.– 2-е изд.– М.: Просвещение, 1991.
15. Соловова Е.Н. Методика обучения иностранным языкам: Продвинутый курс лекций/Е.Н. Соловова.– М.: АСТ, 2010.
16. Щукин А.Н. Современные интенсивные методы и технологии обучения иностранным языкам: учебное пособие/А.Н. Щукин.– М.: Филоматис, 2010.
17. Хуторской А.В., Хуторская Л.Н. «Компетентность как дидактическое понятие: содержание, структура и модели конструирования». http://khutorskoy.ru; e-mail: andreykh@mail.ru 2004.

**С.К. Рысбаев,**
**А.А. Оморова,**
**Р.Ү. Ибраимова**

Кыргыз тили
Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин
10–11 класстары үчүн окуу

**П Р О Г Р А М М А С Ы**

Редактору
Корректору
Техникалык редактору *Ж. Жолдошева*
Компьютердик калыптоочу *В. Вихарев*

Басууга 00.00.2019-ж. кол коюлган.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Ариби PT Sans.
Форматы 60 × 84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 6,5 накта басма табак.
Нускасы 2 000 даана. Буюртма № 000.

«Издательство «Аркус» ЖЧКсында
басма иштери даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7в

«ST.art LTD» ЖЧК
басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46